## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

*Сөзү Ж. Садыковдуку жана Ш. Кулуевдики*
*Музыкасы Н. Давлесовдуку жана К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

**Кайырма:** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын
Ыйык сактап урпактарга берели.

**Кайырма:** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

ЖАҢЫ КИТЕП

Доталиев А. К., Исаева Г. К., Исмаилов Ш. А., Ибраев М. К.,
Кадырбердиев А. Н., Мырзаибраимов С. А., Иминов А. Ж.

# ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

*Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 9-классы үчүн окуу китеби*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек – 2022

УДК 373. 167.1:2
ББК 86. 2 Я 721
Д 46

Д 46 **Диндердин өнүгүү тарыхы: 9-кл.** *Доталиев А. К. ж. б.* – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2022. – 128 б.

ISBN 978-9967-34-088-6

Бул окуу китебинде диндердин табияты, мазмуну, тарыхы жана өнүгүүсү тууралуу илимий негизделген көз караштарды, сабырдуулукту, дин тутунуудагы салттуулукту, ар кандай диний деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасирин алдын алууну, руханий баалуулуктарды окуп үйрөнөсүңөр.

Кыргызстан көп конфессиялуу мамлекет болгондуктан, ар түрдүү диндердин негиздерин окуу менен эмне үчүн мекенибизде салттуу Ислам орун-очок алгандыгын түшүнөсүңөр.

УДК 373. 167.1:2
ББК 86. 2 Я 721

ISBN 978-9967-34-088-6

© Автордук коллектив, 2022
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2022

# КИРИШҮҮ

**Кымбаттуу окуучулар!**

Силерге сунуштаган китебибиз «Диндердин өнүгүү тарыхы» деп аталат. Бул окуу китебинен диндердин табияты, мазмуну, тарыхы жана өнүгүүсү тууралуу илимий негизделген көз караштарды, сабырдуулукту, дин тутунуудагы салттуулукту, ар кандай диний, деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасирин алдын алууну, руханий баалуулуктарды окуп үйрөнөсүңөр.

Силер дүйнөлүк диндердин негиздери, Ислам дининин негизги принциптери, баалуулуктары, мамлекетибиздин динге болгон мамилеси тууралуу билим аласыңар. Кыргызстандын калкынын сексен пайызы мусулманчылыкты карманат. Ошондуктан бул окуу китебинде Ислам динине байланыштуу темалар көбүрөөк камтылды. Бул окуу китеби төрт бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдөн дүйнөлүк диндердин негиздери жөнүндө түшүнүккө ээ болосуңар. Китептин экинчи бөлүмү Ислам дининин негизги багыттарын жана алар кандай мааниге ээ экендигин ачып берет. Үчүнчү бөлүмдө Кыргызстандагы Ханафий укуктук мектеби жана Матуридий ишеними жөнүндөгү маалыматтарды камтыган темалар менен таанышасыңар. Төртүнчү бөлүмдө мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусу, Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты жана диний уюмдар жөнүндө кеңири маалымат аласыңар.

Силер окуу китебин кунт коюу менен окуп, жакшы кабыл аласыңар деп ишенебиз. Дин, анын негиздери, коомдогу орду жана ролу тууралуу негизги теориялык түшүнүктөр өтө маанилүү экендигин сезе билишиңер керек. Кыргыз элинин диний салттары, алардын биздин мезгилдеги өнүгүшү жана өлкөдөгү диний кырдаал жөнүндөгү маалымат келечек жашооңор үчүн өтө маанилүү.

Силер бүгүнкү күндө Кыргызстаныбыздын тынчтыгы жана элибиздин ынтымагы үчүн диндердин негиздерин таанып билүүгө тийишсиңер. Силер жергиликтүү дин тутуу салттуулугун жакшы өздөштүрүп, сүйүктүү өлкөбүздө пайда болуучу коркунучтардын алдын алууга милдеттүүсүңөр!

Кымбаттуу окуучулар, окууңарга ийгилик каалайбыз!

*Авторлор*

I БӨЛҮМ

# ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДИН НЕГИЗДЕРИ



# §1. Диндердин негиздери жөнүндө түшүнүк

Дин деген эмне? Динди кандай түшүнөсүңөр? Адамдын жашоосунда диндин кандай орду бар?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***диндин булагы, ишеним, ибадат, адеп-ахлак***

## Диндердин негиздери

Урматтуу окуучулар, диндин күнүмдүк жашообузда терең орду бар экендигин таанып билүүдөбүз. Мындай терең мааниге ээ болгон дин түшүнүгүнө кандай аныктама жарашат? Дин – баалуулуктардын бүтүндүгү деген кыска, так аныктамага токтолгонубуз жөндүү. Дин өзүнүн баалуулуктары, дүйнө таанымы жана адамзатка сунуштаган системалуу жашоо моделинин негизинде мааниге ээ. Андыктан динге байланыштуу ар бир маселени диндин өздүк булактарына таянуу менен азыркы учурдагы жашоо шарттарыбызга ылайыкташтырып карашыбыз керек.

Диндердин негиздери тууралуу сөз кылганда жалпы эле диндердин ар биринин өздөрүнө тиешелүү баалуулуктары бар экендигин жана бул баалуулуктар улуу күчтөргө ишенүү менен жашоону маанилүү кыларын эске алуубуз абзел. Демек, бир динде кандай баалуулуктар болсо, ошол баалуулуктарды жараткан Жаратуучу ар кандай булактар (китеп, пайгамбар) аркылуу адамдарга жеткирген жана түшүндүргөн.



Эң негизгиси – бул баалуулуктарга ишенүү жана моюн сунуп аткаруу. Бул баалуулуктарды адамдык сапаттарында бириктирип, адеп-ахлакка ээ болуу диндердин негизин түзүүчү факторлор болуп эсептелет. Негизинен бардык эле диндер адам баласына жакшы менен жаманды айырмалап, жакшы жашоосуна жол көрсөтүү же болбосо өбөлгө түзүү үчүн жиберилет.

Диндердин негиздери

Диндин булагы
(Жаратуучу – Ыйык китеп, анын элчиси, элчисинин сөздөрү, үлгүлүү кыймыл-аракеттери)

Ибадат
(диний баалуулуктарды аткаруу)

Ишеним
(диндин булагы аркылуу белгиленген нерселерге ишенүү)

Адеп-ахлак
(диний баалуулуктарды инсандын ички дүйнөсүнө сиңирүү)

Жогоруда айтылгандай, диндердин негиздеринин эң башында ошол диндин булагы келет.

Диндер негизинен кантип пайда болот?
Ким тарабынан?

Бул суроолордун жообу дал ушул диндин булагында жатат. Диндин булагы – абсолюттук күч (Кудай/Жаратуучу). Ошондуктан жалпы диндердин жана анын ичинде Ислам дининин негизи – Жаратуучу. Жа-

ратуучу түрдүү аталыш жана түрдүү формалар менен таанытылса да, бардык диндерде «Улуу Кудай/Улуу Күч» ишеними бар.

Дин – адамзат жаралгандан баштап ушул күнгө чейин пайгамбарлар аркылуу аларга жеткирилген жалпы чакырык. Бул чакырыктын акыркы өрнөгү – Ислам. Мисал катары айта турган болсок, мусулманчылыкта Алла өмүр берет, кайра алат жана тирилтет, тагыраак айтканда, бардык нерсеге кудуреттүү зат, ал эми Христианчылыкта Үчилтиктен: Ыйык Ата, Ыйык Уул жана Ыйык Рухтан турат. Христиандардын айтымында, үчөө тең бир заттан, бирок ар бири өзүнчө мүнөзгө ээ. Жыйынтыктап айта турган болсок, диндин эң биринчи негизи анын булагы болуп саналат.

**Эске тут!**

Бир диндин негиздерин билдирген китеп «Ыйык Китеп» деп айтылат. Бардык диндерде ыйык китеп түшүнүгү бар. Анткени диндер динге ишенгендерге өздөрүнүн насааттарын жана осуяттарын ыйык китептер аркылуу билдиришет. Мындан тышкары булар жеке жана коом карманууга тийиш болгон жүрүм-турум үлгүлөрүнүн бардык түрлөрүн камтыйт.

Бул китептер негизинен Тоорат, Забур, Инжил жана Куран деп айтылып келет. Буга карабастан ар бир диндин негизин билдирген ыйык тексттери бар. Бул ыйык китептер тууралуу да кыскача маалымат алалы.

**Буддизмдин** ыйык тексттери пали тилинде жазылган **Трипитака** (Үч Себет) үч бөлүмдөн турат: Виная-Питака, Сутта-Питака, Абхидхама-Питака.



**Виная-Питака** (жүрүм-турум эрежелеринин китеби). Мында Сингха деп аталган буддисттердин жашоо шарт-

тары, кийим кийүү, жеп-ичүү, насаат айтуу ж. б. талаптар орун алган.

**Сутта-Питака** (Насаат китеби). Бул бөлүмдө Буддага жана анын шакирттерине таандык маанилүү сөздөр, насааттар жана осуяттар орун алган.

**Абхидхаа-Питака** (Мыйзамдар, философиялык жана психологиялык ойлордун китеби). Бул китепте Будданын философиялык ойлору, көз караштары орун алган. Бул тексттер б. з. ч. I кылымда Сейлан деген жерде жазылып, кылымдар бою оозеки айтылып келген.



Христиандардын ыйык китеби эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмү – Яхудийлердин ыйык китеби болгон «Эски Осуят», ал эми экинчи бөлүмү – өздөрүнүн ыйык китеби болгон «Жаңы Осуят». Жаңы Осуятта 4 Инжил (Матвей, Марк, Лука жана Ионн), 21 кат, элчилердин иштери жана Вахий орун алган.

Ал эми Ислам دининде – Куран. Бирок Ислам дининин укук системасын түшүндүргөн китептерди карай турган болсок, башында Кудайдын сөзү Куран, андан кийин ошол Куранды адамдарга жеткирген пайгамбардын кыймыл-аракети (сүннөт), андан кийин ошол пайгамбардан уккан-көргөндөрүн башкаларга жеткирүү максатында аалымдардын бирдиктүү пикирлери (ижма), ошондой эле салыштырмалуулук эрежеси менен чечим чыгаруучу кыяс турат.




Диндердин дагы бир негизи катары ибадат, башкача айтканда, ошол Жаратуучу менен болгон мамилелер дагы айтылат. Диндердин биринчи негизи анын булагы, баш-

кача айтканда, ишеними болсо, андан кийин ошол булак менен байланышкан акыл-эси ордунда, балакат жашына жеткен адамдар үчүн милдеттүү деп эсептелген ибадатты түшүндүрөт.

Ибадат – адам баласынын Кудай үчүн дайыма аткаруучу нерселери катары Жаратуучуга сыйынуу максатында жасаган кыймыл-аракеттери. Бардык ибадаттар адамды түрдүү жамандыктардан тосуп турат.

**Эске тут!**

«Намаз жамандыктардан тосот, орозо калкан» деп айтылып келет.

Ушул эле ибадаттар башка диндерде да маанилүү болуп, адам баласын адеп-ахлакка алып бара турган жол экендиги айтылат.



Ислам өзүнө тиешелүү адеп-ахлак нормаларын сунуштайт. Пайгамбардын эң негизги милдети улуу адеп-ахлактын үлгүсүн көрсөтүү болуп эсептелет. Адам баласы жасаган ибадаты жана жөрөлгөлөрү аркылуу адеп-ахлакка жетет. Диндин негизи катары адеп-ахлак адамдын ар бир кылган ишин Улуу Жаратуучунун ар дайым көрүп, билип турганын ойлоп, жогорку аң-сезим жана сезимталдык менен жасоосун билдирет.

Исламда Аллага жана акырет күнүнө ишенип, дин буйруган ибадаттарды чын ыкласы менен аткарган адамдын коомдук жашоосунда, адамдар менен болгон мамилесинде белгилүү бир сапатка ээ болушу күтүлөт.

Ислам үй-бүлөлүк жашоодон соода мамилелерине чейин көптөгөн тармактарда алып келген өкүмдөр жана багыттар, негизинен адамдардын жүрүм-турумунда изгилик жана адеп-ахлакка үстөмдүк кылуу максатын көздөйт.



Адеп-ахлакты алып сала турган болсок, диндин ордуна эрежелерди жана форманы алмаштырган тайыз жана чынчыл эмес диний типология калат.

Ошондуктан бардык диндерде адеп-ахлак диндин негиздеринин бири деп айтсак жаңылбайбыз. Жогоруда берген мисал башка диндерде дагы бар. Ал жерде адамдардын орду гана алмашып калат. Мисалы, Исламда пайгамбардын ахлагы болсо, Конфуцийликте Конфуцийдин эрежелери, Буддизмде Будданын жашоосу, Христианчылыкта Исанын сүйүүсү ж. б. у. с.



Жогоруда айтылгандай, диндин негиздерин төрткө бөлөбүз. Булар: диндин булактары, ишеним, ибадат жана адеп-ахлак. Бул негиздер бири-бирин толуктап турат, булардын бирөөсү жок болгон болсо, башкаларынын маңызы жоголот.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Бардык эле диндер адам баласына жакшы менен жаманды айырмалоо жана анын жашоосуна жол көрсөтүү үчүн жиберилет. Мисалдарды келтиргиле.
2. Диндин негиздери кандай? Алар өз ара кандай байланышта?
3. Христианчылыктагы төмөнкү айтылганды чечмелегиле:
   a. Өзүңдүн Кудайыңды бүткүл жүрөгүң жана акылың менен сүйө бил;
   b. Өзүңдүн жакыныңды өзүңдү сүйгөндөй сүй (Инжил).
4. Христианчылыктын адамзаттын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине мисалдарды келтиргиле.
5. Жети сырдуулук каада-салтпы же бекемделген мыйзамбы?

# § 2. Буддизмдин негиздери

Буддисттердин күнүмдүк жашоосунда ишеним, сыйынуу, адеп-ахлак кандайча жүрөт?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***хинаяна, махаяна, нирвана, аскетизм, медитация***



Кымбаттуу окуучулар, азыркы мезгилде жер шарында дүйнөлүк үч дин: Буддизм, Христиан жана Ислам диндери бар экендиги силерге белгилүү. Дүйнөлүк диндердин эң байыркысы Буддизм б. з. ч. VI–IV кылымдардын ортосунда байыркы Индияда пайда болуп, Азиянын көп бөлүгүнө тараган. Дин Будда тарабынан негизделген. Эң кызыгы Буддизм Индияда пайда болгондугуна карабастан, ага ишенген адамдардын басымдуу бөлүгү Индиядан сырт жерлерде жашайт. Азыркы кезде төрт жүз миллиондон ашуун дин тутуучу бар. Алардын көпчүлүгү Индия, Кытай, Монголия, Таиланд, Вьетнам, Сингапур, Тайвань, Тибет жана Япония сыяктуу Түштүк Азия мамлекеттерин жердешет. Буддизм – чыгыш коомуна мүнөздүү болгон өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен принципиалдуу түрдө Христиан жана Ислам диндеринен кескин айырмаланган дин.

Буддизмдин негиздөөчүсүнүн чыныгы аты Сиддхартха Гаутама. Будда – туура жолду тапкан, ойлонгон, бактылуулукка жеткен жана куткарылган деген маанилерди туюндурган, жактоочулары тарабынан берилген лакап

ысмы. Бул динди Европада Буддизм, ал эми Азия өлкөлөрүндө Будда (Будданын шакирти, Будда мыйзамы) деп аташат. Буддизмдин негиздөөчүсү, ыйык китеби, мыйзамы жана жамааты бар.

**Ойлонолу!**

Эмне үчүн Буддизм түрк элдерине таасирин тийгизе алган эмес?

**Кызыктуу факт:**

Буддизм Азия жана Жакынкы Чыгышка жайылып жатканда түрк элдерине да таасирин тийгизгенге аракет кылган. Буддизмдеги ыйык тилемчилик, сүкүт чалуу (медитация) ж. б. у. с. нерселер түрк элдеринин жашоо шартына туура келген эмес. Эт жегенге, курмандык чалууга, ат оюндарына жана жоокерчиликке көнгөн түрк элдери вегетарианчылык негизде жашаган буддисттердин көз караштарын кабыл алышкан эмес.

## Будда жөнүндө баян

Будда туулгандан кийин уламыштар боюнча Кудайлар аны ак кездемеге оролуу бойдон таап, жуунтушат. Бардык каалоо-максаттарына жетсин деген тилек менен ага Сиддхартха аттуу ысым ыйгарылат. Атасы Суддходана баласына бул дүйнөдөгү ырахаттын баарын тартуулаганга жана жакшы билим алуусуна шарт түзөт. Сиддхартха сарайда ырахаттанып жашайт. Бир күнү атасынын тыюусуна каршы чыгып, сарайдан сыртка чыгат. Андан



кийин ал сарайдын жашоосу чыныгы жашоо эмес экендигин түшүнөт. Ушундан кийин Сиддхартха сарай ырахатын таштап, мистикалык жашоого бет алат. Көптөгөн азаптарды башынан өткөргөн Сиддхартха Неранжаранын жээгинде Бодхи дарагынын түбүндө ойго батат. Жашоонун, өлүмдүн, дүйнөлүк азаптардын себептерин ойлонот. Аягында көздөгөн максатына жетип, зээни нурданат да, «Будда» (нурланган, арууланган, көзү ачылган мааниде) болот. Ошентип, Сиддхартха дүйнөнүн чындыгын таанып билген жана аруулануу абалына жеткен. Мына ушул окуядан кийин Сиддхартха Гаутама башкаларга өзүнүн дүйнө таанымын, окуусун жайылта баштаган.

## Буддизмдин принциптери


Буддизмде Будданын мыйзамдары «Дхарма» деп аталат. Будда бул аталышты «Мыйзам дөңгөлөгүн айлантуу» деп түшүндүргөн. Ошондуктан Буддизмдин символу дөңгөлөк болуп калган. Будда молчулукту да, жокчулукту да башынан өткөрүп, натыйжада жашоо үчүн экөөнүн ортосундагы бир жолду тандап алган. Анын пикири боюнча жашоодогу эки чектен чыгуу адамдарды азапка салат. Ортоңку жол – билим. Ушул жол адамдарды азаптардан куткарып, Нирванага жеткирет.

**Нирвана** – буддисттердин мистикалык окуусунда: жашоонун түйшүгүнөн жана каалоолорунан кутулуу деп түшүнүлгөн тынчтануу абалы. Нирвана – ар кандай каалоолордон, түрдүү байлануулардан, азаптан жана башка жагымсыз абалдардан бошонуу.

Нирванага жетүү үчүн жаман мүнөздөрдөн, өзүмчүл арзуу-каалоо жана башка терс сапаттардан арылып, акыйкатты табуу абзел. Буддизм окуусу боюнча адамдардын милдети – руханий жактан өнүгүү, жамандыктан оолак болуу, реинкарнациядан кутулуу. Бул нерседен арылуу үчүн адам жашоодогу көптөгөн азаптардан кабардар болуп, алардан кутулушу керек. Бул азаптан кутулуунун төрт жолу бар.

## Төрт асыл чындык

Будданын окуусунун өзөгүн төрт асыл чындык түзөт:



Жердеги жашоонун азабы жана кыйынчылыгы анын негизги өзгөчөлүгү болуп саналат.

Каалоо – оорунун жана азаптын себеби.

Азап менен кыйналууну токтотуу каалоодон жана каалоолордон баш тартуудан көз каранды.

Сегиз жолду кармануу менен каалоону жана напсини жеңүүгө мүмкүн.

Буддисттердин оюу боюнча бул принциптер – материалдык жана руханий жактан азап чегип жаткан адамдарга мурда ушундай жагдайларды башынан өткөрүп, акыры дабасын тапкан адам тарабынан сунушталган жашоонун негизги чындыктары. Дайыма бакытты, байлыкты, кооп-

суздукту, ийгиликти, узун өмүрдү, ырахатты издейт. Бирок айрым мезгилдерде оору же ийгиликсиздик менен дайыма ийгиликке жетпей калат. Ошондуктан буддисттердин оюу боюнча жалгыз чындык жана акылмандыктын негизи – бардык терс ой жүгүртүүлөрдөн, ашыкча каалоолордон баш тартуу.

## Буддизмдеги сегиз тилимдүү жол

Буддизмде «сегиз тилимдүү жол» принциби чоң мааниге ээ. Бул принцип Буддизмдеги адеп-ахлак түшүнүгүнүн негизги пайдубалын түзөт. Буддисттер аны үч бөлүккө бөлүп карашат:

| Сила (адеп-ахлак) | Самадхи (медитация) | Панна (даанышмандык) |
|---|---|---|
| • Туура сөз<br>• Туура иш<br>• Туура жашоо | • Туура ой жүгүртүү<br>• Туура байкоо жүргүзүү | • Туура түшүнүү<br>• Туура кесип<br>• Туура ниет |

Силага сегиз тилимдүү жолдун үчөө кирет. Алар: туура сөз, туура иш жана туура жашоо. Туура сөз менен туура иш өлтүрбөө, уурулук кылбоо, жалган айтпоо ж. б. дегенди түшүндүрөт. Туура жашоо болсо аракечтиктен, баңгиликтен, курал-жарак жана уулуу заттарды колдонуудан алыс болуу дегенди билдирет.

Самадхиде буддисттер медитация жасашы керек. Ал үчүн сегиз тилимдүү жолдун пункту болгон туура ой жүгүртүү жана туура байкоо жүргүзүү зарыл.

Паннада ар бир буддист туура түшүнүп, туура ой жүгүртүп, туура кесип тандоосу жана туура ниет кылуусу керек.



Сегиз тилимдүү жол бардык буддисттерге тиешелүү. Аялдарда, эркектерде жана коомдун бардык мүчөлөрүндө жакшы адеп-ахлактын болушу шарт.

Буддисттер атактуу, кадыр-барктуу инсандардын мазарына гүл коюп, шам жагышат. Адамдардын сөөгүн өрттөө жалпы буддисттерге таандык.

Ар бир буддисттин кылганы, сүйлөгөнү жана ойлогону бардыгына маалым болуусу, аны бир күндө иш жүзүнө ашыруу талап кылынат.

**Эске тут!**

Буддизм этикасындагы негизги принциптер: өлтүрбөө жана тирүү жандыктарга зыян келтирбөө, уурулук кылбоо, калп айтпоо, бузукулук кылбоо, башты айланткан, мас кылган ичимдиктерди ичпөө жана зыяндуу каражаттарды колдонбоо. Будда кечилдери үчүн аскетизм жүрүм-турумдун негизги багыты болуп саналгандыктан, аларга ар түрдүү оюн-зоокторго катышууга, ыңгайлуу төшөккө жатып уктоого, байлык күтүүгө, ашыкча тамактанууга тыюу салынат. «Туура билим» – адамдын өзүнүн психикасын жана жан дүйнөсүн өнүктүрүүсү, ал адамдын ички бейкуттугун камсыз кылат. Ал эми медитация – ага жетүүнүн башкы каражаты. «Туура жүрүм-турум», «туура билим» жана «туура бейкуттук» кайра жаралуулардан кутулуп, Нирванага жетүүгө алып келет.

## Буддизмдеги негизги эки агым

Будданын көзү өткөндөн кийин анын жолун жолдоочулар мезгил-мезгили менен жыйындарды өткөрүп, Будданын доктриналарын талкуулашкан. Кээде бир бүтүмгө келишсе, кээде бир пикирге келе албай, бөлүнүп кеткен учурлар болгон. Ушундай пикир келишпестиктердин натыйжасында Буддизм эки багытка бөлүнгөн:

**Буддизмдеги багыттар**

| **Хинаяна** («Кутулуунун тар жолу») | **Махаяна** («Кутулуунун кең жолу») |
| --- | --- |
| Хинаянада азаптан кутулуунун жолу сангхага мүчө болуу аркылуу өткөндүктөн, кечил болуу үчүн жамааттык билимге басым жасалат, диний ырым-жырымдар жана жасалгалар жөнөкөйүрөөк. | Махаянада жөнөкөй адамдар дагы (кечил эместер) азаптан кутулуунун жолун нурданууга жеткен буддисттин жардамы менен таба алышат. Ага ылайык сыйынуулардын, адам психикасынын жана жан дүйнөсүнүн аалам, космос, жогорку рухтар менен байланышынын мааниси жогорулап, ырым-жырымдар, жасалгалар татаалдаштырылган. |
| Хинаянада Будда – Сиддхартха Гаутама адамзатка ортоңку жолду жана Нирванага жетүү мүмкүнчүлүгүн таап берген улуу устат катары саналат. | Махаянада Будда жалгыз адам эмес, тагыраак айтканда, ал жогорку руханий абал жана бардык эле адамдын Будда болууга мүмкүнчүлүгү бар. |
| Б. з. ч. III–I кылымдарда Буддизм Индиянын чегинен түштүк жана түштүк-чыгыш багыттарында хинаяна формасында таркаган. | Биздин замандан баштап Буддизм түндүк, түндүк-батыш, түндүк-чыгыш багыттарында махаяна формасында таркаган. |
| Хинаяна агымындагылар Будданын доктриналары индустарга гана таандык, ушуга байланыштуу Будданын доктриналарын жайылтуу үчүн үгүт иштерин Индиянын ичинде эле жүргүзүү керек дешкен. | Махаяна агымындагылар Будданын доктриналары баарына таандык экендигин айтып, аны бүткүл адамзатка жайылтуу керек деген пикирди карманышат. |

### Муну билүү кызыктуу:

Будда өлүм алдында жатканда шакирттерине минтип кайрылды: «Бул – менин акыркы күнүм, эгер менден сурай турган нерсеңер болсо, сурап калгыла. Ар бириңер өз жолуңар менен кете турган мезгил келди».

Анын сүйүктүү шакирти Ананда көз жашын тыя албай минтип кайрылды: «Мындан ары биз эми эмне кылабыз? Биз сенин жарыгың менен жүрүп, караңгылык эмне экенин унутуп калыптырбыз. Сенин аркаңан жүрүү жарыкты ээрчүүгө барабар болчу. Эми биз кайсы жарык менен басабыз?». «Угуп турчу, – деп жооп берди Будда, – 40 жыл бою менин жарыгым менен жүрүп, сен өз жарыгыңды жандырууга жетише алган жоксуңбу? Эгер мен дагы 40 жыл жашасам, сен өз жарыгыңды таба алат белең? Бирөөнүн жарыгы менен канчалык басып, аны канчалык туурасаң, сен өзүңдүкүн ошончолук жоготосуң. Ошондуктан менин кеткеним туура».

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Буддизмдин башка диндерден өзгөчөлүгү эмнеде деп ойлойсуңар?
2. Сиддхартха Гаутаманын жыргал жашоодон баш тартуусу эмнеге алып келди?
3. Буддизмдин принцибиндеги «төрт асыл чындык» кайсы? Анын маани-маңызын түшүндүрүп бергиле.
4. Буддизмдеги сегиз тилимдүү жолду анализдегиле.
5. Буддизмдин багыттары: хинаяна менен махаянаны салыштыргыла. «Венн диаграммасын» түзгүлө.
6. «Буддизмдин негиздери» деген темада дил баян жазгыла.

# § 3. Христианчылыктын негиздери

Христианчылыктагы негизги өзгөчөлүктөр кайсылар? Мисалдарды келтирип көргүлө.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***Инжил, үчилтик.***

Христианчылык – Буддизмден кийин пайда болгон, жактоочуларынын саны боюнча эң чоң монотеисттик дүйнөлүк дин. «Христос» деген грек сөзү «майланган» (кут даарыган) дегенди билдирет.

Христианчылык б. з. I кылымында Палестина иудейлеринин арасында пайда болгон. Негиздөөчүсү – Иса (Иисус Христос).

**Иса жөнүндө баян:**



Уламыш боюнча Иса Вифлеемде Кудайдын амири менен Мариям кыздан төрөлгөн. Исанын диний ишмердүүлүгү 30 жашында башталып, 3 жылга созулган. Бул жылдары Кудайдын эркин элге таратып, Кудай жөнүндө айтып, пайгамбарлык кылган. Ал өзүнө 12 эң жакын шакиртти тандап алган, алар аны бардык жерлерде коштоп жүрүшкөн. Христиан уламыштарында элдин өзүнө болгон ишенимин бекемдеген Исанын укмуштуу иштери тууралуу баяндалат. Мындай атактуулук жергиликтүү бийликке жаккан эмес. Исаны кармап, айкашкан

жыгачка кадап өлтүрүүнү чечишкен. Шакирттери аны асканын боорундагы күмбөзгө жаткырып, таш менен корумдап коюшат. Үч күндөн кийин келсе, аларга периште жолугуп, окутуучунун анда жок экендигин, ал тирилип, асманга учуп кеткенин айтат. Ушундан улам христиандар Исанын Кудайдын уулу катары өлүмгө баш ийбешине жана өлүп, кайра тирилишине ишенишет.

**Христиан дининин негизги белгилери:**

Кудайдын жалгыздыгы жана анын бардык нерселерди жаратканды жөнүндө түшүнүк, бирдиктүү жалгыз Кудайдын Үчилтиги (Ыйык Ата, Ыйык Уул, Ыйык Рух) жөнүндөгү тереңдетилген окуу;

Кудайды акыл-эске, күч-кубатка, кең пейилдүүлүккө жана сүйүүгө ээ болгон абсолюттуу, жеткиликтүү рух катары түшүнүү;

Адамдын инсандык сапаттарынын абсолюттук баалуулугу жөнүндөгү окуу;

Адам жашоосунун чыныгы маңызы жөнүндөгү окуу;

Руханий башаттын материалдык башаттын үстүнөн болгон толук үстөмдүгү;

Дененин кайра жаралуусу жөнүндөгү окуу;

Адамзатты күнөөлөрдөн, жамандыктардан сактоо үчүн адам келбетинде жерде жашаган Адам Кудай – Иса (Иисус Христос) жөнүндөгү окуу түзөт.

## Инжилдин жазылышы




Инжилдин (грек сөзү, мааниси: жакшы кабар, сүйүнчү) төрт варианты бар. Алар авторлорунун атынан аталып калган (Матфей Инжили, Марк Инжили, Лука Инжили, Ионн Инжили). Иса өз турмушунда Инжилди жазган да, жаздырган да эмес. Ал өзүнүн үч жылдык кыска мөөнөтүндө айылдарды кыдырып, Инжилдин кабарларын тараткан. Иса бул кабарларды арамей тилинде жеткирген. Исанын апостолдору жазган Инжилдер грек тилинде жазылган. Анткени ошол жылдары грек тили басымдуу тил катары эсептелген.

Иса дүйнөдөн кайткандан элүү күндөн кийин апостолдору Инжилди үгүт кылганы туш тарапка кетишет. Алар Иса айткан кабарларды кеңейтип, элге жеткиришет. Апостолдор Иса тирүү кезинде көпчүлүк убакта бирге жүргөндүктөн, анын жашоосун жакшы билишкен. Ошондуктан алар өздөрүнүн үгүтүндө көбүнчө Исанын жашоосуна басым жасашкан. Ушул себептерден улам апостолдор Инжилдерди жазып жатканда Исанын жашоосунан жана айткан сөздөрүнөн алышкан.

Инжилдин жалпы мааниси – алгачкы адамдар Адам (Адам Ата) жана Ева (Обо Эне) күнөөгө батып, адамзаттын Кудай менен байланышы, түбөлүк жашоого болгон ишеними жоголду, ошондуктан адамзат Кудай менен адамдар ортосундагы мамилени калыбына келтире турган куткаруучуга муктаж.

## Христиандардын Кудай түшүнүгү

Христиан désininde «үч Кудай» (үчилтик) түшүнүгү бар. Христианчылыкты монотеисттик диндерден айырмалап турган нерсе – Кудайдын бирөө экенин, бирок анын үч жүзү: Ыйык Ата, Ыйык Уул, Ыйык Рух бар экенин, үчөө бир бүтүндүктү түзөрүн, үчөөнө тең бирдей бийлик, урмат-сый жана сыйынуу таандык экенин таанып, ага ишенүү. Алар «Ыйык Ата, Ыйык Уул жана Ыйык Рух» деген ат менен үч адамда бир Кудай бар экенин ырасташат. Христиандардын ишеними боюнча Ата ааламды жараткан Ыйык Уул адамзатты күнөөлөрдөн арылтыш үчүн адам кейпинде келген, ал эми Ыйык Рух адамдын жүрөгүнө жана рухуна кудайлык сүйүү берет.

## Үч Кудай (Үчилтик)

### 1. Ыйык Ата

Ыйык Ата – Христиан дининде эң биринчи Кудай. Ал – Кудайлардын улуусу жана эң жогоркусу. Кемчиликсиз жана чексиз зат. Бардык нерселердин жаратуучусу жана ээси. Атага бүт дилиңди берип, сыйынышың керек. Ата деген атты Иса ыйгарган. Иса окуучуларына үйрөткөн дубасында: «Асмандагы Атабыз! Сенин ысмың бийик болсун!», – деп айтат. Бул ишеним боюнча Кудай асманда.

### 2. Ыйык Уул (Иса)

Ыйык Уул – Христиан дининдеги экинчи Кудай. Бул Ыйык Уулду Ыйык Ата жараткан. Ыйык Ата төрөгөн да, төрөлгөн да эмес. Бирок Ыйык Уул төрөлгөн. Инжилде Иса «Кудайдын уулу» деп айтылат. Мындан тышкары Иса Мариямдын уулу, Адамдын уулу деп да айтылат.

Христиандардын 431-жылдагы Эфес курултайында Мариям Кудайдын апасы, Кудайды төрөгөн, Иса чыныгы Кудай деген чечим кабыл алынган.

Христиандар Исанын Кудай экендигине төмөндөгүлөрдү мисал кылышат: «Иса сөзү жана кыймыл-аракети менен Кудай сыяктуу мамиле кылды. Ал Кудайлыгы менен күнөөлөрдү кечирди. Өзүнүн Кудай экендигин кереметтери менен далилдеди. Мен жана атам бирбиз деди. Ушундан улам жөөттөр аны күнөөлөп, таш бараңга алгысы келди. Понтий Пилаттын сотунда ал ишенимдүү түрдө «Мен Кудайдын уулумун» деп айтты. Ушул так жана таамай сөзүнөн улам аны айкашкан жыгачка кадашты».

**3. Ыйык Рух**

Ыйык Рух – Христиан дининдеги үчүнчү Кудай. Ал 381-жылы Стамбулда өткөрүлгөн курултайда Кудай деп кабыл алынган. Христиандар Ыйык Рухтун Ата Кудай менен даражасы бир, бирок башкача түзүлүштө экендигин айтышат. Ыйык Рух Иса чокунган учурда анын Кудай экенин билдирүү үчүн көгүчкөн абалында ага конгон. Ыйык Рух да Алла сыяктуу бардык жерде бар. Бирок ал Христиан динине ишенген жана адам өлтүрүү сыяктуу чоң күнөөлөрдөн алыс адамдардын арасында гана болот. Ал дайыма жакшы ойлорду берет. Тообо жана дуба кылганды үйрөтөт. Ыйык Рух Атадан чыгат, Уулда сакталат жана Уулдан адамдарга өтөт. Ата бардык иштерин Ыйык Рух аркылуу аткарат жана дайыма аны менен өзүнүн кудуретин көрсөтөт. Ошондуктан Ыйык Рух – аткаруучу Кудай. Ал түз жүргөн жакшы кишилерге пайгамбарлардын жана апостолдордун үндөрүн жеткирет.

## Күнөөдөн арылуу доктринасы

Христиандардын ишеними боюнча адамзаттын атасы Адам Ата Кудай менен түзгөн келишимин бузуп, баш ийбестик кылып, Кудай менен адамзаттын ортосундагы ажы-

рымды жараткан. Башкача айтканда, адамзатты Кудайдан алыстаткан. Иса болсо Адам атанын Кудайга баш ийбестигинин акысын өз каны менен төлөп, ушундай жол аркылуу Кудай менен адамзаттын ортосуна элдештирүүнү алып келген. Исанын үчүнчү күнү тирилүүсү – ааламдык күнөөдөн арылуунун жана өлүмдү жеңүүнүн далили. Исага ишенгендер андан алыстабай, анын балдары болот. Христиандардын күнөөдөн арылуу жөнүндөгү салттуу доктринасында Иса өз өмүрүн берүү менен бардык адамдардын күнөөлөрүнүн кечирилишин жана Кудай менен адамдардын ортосундагы мамиленин орношун көздөдү деп жазылат.

## Чиркөө сырлары *(Сакрамент, ибадат, майрам)*

Христиандар чиркөө сырларына ишенет. Алар төмөнкүлөр:

**Чиркөөлөрдөгү жети сырдуулук:**

**Чокундуруу (вафтиз).**

Сакраменттердин эң биринчиси – «вафтиз» (чокундуруу). Христиан udininde Христиан болуу чокундуруу аркылуу ишке ашат. Чокундуруу – Христиан болуунун эң алгачкы шарты. Чокундуруу Ыйык Ата, Ыйык Уул жана Ыйык Рухтун аты менен аткарылат. Ал Исанын руханиятына кошулууну, Ыйык Рух менен жаңыдан төрөлүүнү түшүндүрөт. Христиандар Адам Атадан бери келе жаткан тубаса күнөөдөн чокундуруу аркылуу арылуу мүмкүн экендигин айтышат. Ошондуктан ал эки максатта ишке ашат. Биринчиси – Христиан динине кирүү. Экинчиси – тубаса күнөөдөн арылуу.

**Нан жана шарап майрамы (Евхаристия)**

«Нан жана шарап майрамы» же «Евхаристия» деп аталган бул майрам Христиан дининдеги негизги сакраменттердин экинчиси.

Евхаристия – Исанын айкашкан жыгачка кадалып өлтүрүлөрдөн мурда апостолдору менен бирге жеген эң акыркы кечки тамагын эскерүү. Иса пайгамбар айткан: мындан кийин нан менен шарапты кайсы убакта ичсеңер, руханий жактан мен силердин араңарда болом. Чиркөөдө бул нерсе ибадатка айланып калган. Католиктер бул ибадатты күн сайын, православдар жумасына бир жолу, протестанттар жылына 3 же 4 жолу белгилешет.

Чокундуруу жөрөлгөсү чиркөөдө өтөт. Чокундуруу сууга чумкутуу, суу себүү жана суу куюу сыяктуу жолдор менен аткарылат. Бул майрамды Христиан динindeги үч чоң агым бирдей кабыл алат жана аткарат.

Бул майрам негизинен жекшемби күнү чиркөөдө өтөт. Евхаристия майрамында берилген нан менен шарап курмандык деп эсептелет.

**Күчтөндүрүү**

Күчтөндүрүү майрамы бойго жеткенде аткарылат. Бул майрам бала кезинде чокундурулган христиандар акыл-эси толгондон кийин өз ыктыяры менен кайрадан мен Христианмын деп айтуусу үчүн, тактап айтканда, ыймандуу күчтөндүрүү максатында кылынат. Анткени кичинесинде чиркөөдө чокундурулган бала бойго жеткенде анысын таныp кетиши мүмкүн. Ошондуктан бойго жеткенден кийин кайрадан чокундурушат.

Бул сакрамент чыгыш чиркөөлөрүндө чокундуруудан кийин дароо кылынат. Ал эми батыш чиркөөлөрүндө чокундурулгандан бир канча убакыт өткөндөн кийин кылынат. Чокундуруу менен күчтөндүрүүнүн ортосунда анча деле чоң айырмачылык болбогондуктан, дароо эле биринин артынан экинчисин кылуу да кабыл алынган.

**Күнөөлөрдөн арылтуу**

Бул сакрамент – жок болуп бара жаткан чокунуу мээримдүүлүгүн кайрадан жандандыруу үчүн өткөзүлгөн майрам. Мында күнөөкөр чиркөөгө барып, болгон күнөөсүн попко айтып берет. Анан күнөөлөрдү кечирүүчү салтанатка ээ болгон поп чиркөөнүн атынан ал адамдын күнөөлөрүн кечет. Күнөөкөр адам кандай күнөө кетирсе да, ошол күнөөсүнө бушайман болуп, тообо кылса, күнөөлөрү кечирилет жана жоготкон мээримин кайрадан табат.

Христиан done күнөө кылган киши чиркөөгө келип, күнөөсүн кечирте алат. Анткени Христиан дин кызматкерлери күнөөлөрүн кечирте алышат. Бул уруксат аларга Иса тарабынан берилген.

**Дин кызматкерлеринин даражасы (ыйыктык)**

Христиан done дьякон, поп, епископ деген үч диний даража бар. Мындан сырткары да папа, патриарх, архиепископ, архимандрит, монсеньор, кардинал ж. б. даражалар бар. Христиан дин кызматкерлеринин бир даражадан башка бир даражага көтөрүлүүсү чиркөөдө диний жөрөлгөлөр менен өткөрүлөт.

**Нике**

Католик чиркөөсүнүн көз карашында нике – Иса менен чиркөөнүн ортосундагы чечилбей турган бекем руханий байланыштын символу. Ошондуктан нике – ыйык келишим сакраменти.

Диний майрам катары эсептелген үйлөнүү үлпөтү – эки адамдын макулдашуусунун чиркөө тарабынан ыйыкталышы жана жубайларды ыйык байлануу жолу менен чиркөөгө көз каранды кылуу. Христиандардын түшүнүгүндө үйлөнүү – Кудай тарабынан белгиленген мыйзам.

**Оорулууларды ыйыктоо (Елеосвящение)**

«Ыйыкталган май» күнөөлөрдү тазалоо, ооруларды айыктыруу жана өлүм алдында жаткандарга жеңил өлүм келүүсү үчүн колдонулат. Чиркөөлөр ушул милдетти аткаруу үчүн дин кызматкерин дайындайт. Ал кызматкерлер оорулуу жана өлүм алдында жаткандарга барып, аларды ыйыкталган май менен майлап, көңүл көтөрүүчү акыл-насааттарын айтат.

Христианчылыкта жашоодогу бардык маанилүү учурлар чиркөөдөгү сыйынуулар менен коштолот. Динге ишенген адам бир катар ырым-жырымдарды: икона алдында жылаңбаш туруу, сыйынууларга катышуу, насааттарды угуу ж. б. аткарууга тийиш.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Христиан дининин башка диндерден айырмаланып турган мүнөздүү белгилери кайсылар?
2. Иса адамдарга эки негизги осуятты калтырып кеткен:
   a. Өзүңдүн Кудайыңды бүткүл жүрөгүң жана акылың менен сүйө бил.
   b. Өзүңдүн жакыныңды өзүңдү сүйгөндөй сүй (Инжил). Комментарий бергиле.
3. Христианчылыктын адамзаттын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине мисалдарды келтиргиле.
4. Эмне үчүн Адам Ата менен Обо Эне бейиштен куулгандыгын кошумча адабияттардан издеп окугула.
5. Тарыхтан окуган билимиңерге таянып Понтий Пилаттын соту дегенге түшүндүрмө бергиле.
6. Жети сырдуулук каада-салтпы же бекемделген мыйзамбы? Ой жүгүрткүлө.

II БӨЛҮМ

# ИСЛАМ ДИНИНИН НЕГИЗДЕРИ



# § 4. Ислам дининин негиздери


Ислам done

Ислам дининде кандай баалуулуктар бар? Мисалдарды келтиргиле.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***Куран, сүннөт, ижма, кыяс***

## Ислам дининдеги негизги булактар

Исламдын жаралуусу (араб тилинде «Кудайга баш ийүү», мусулман – баш ийген адам») – дүйнөлүк тарыхтагы маанилүү окуялардын бири. Дүйнөлүк үч диндин ичинен Ислам эки миллиардга жакын жолдоочусу менен Христанчылыктан кийинки экинчи чоң дин болуп саналат. Буддизм менен Христиан дини байыркы мезгилдерде пайда болсо, Ислам VII кылымдын башында Аравия жарым аралында пайда болгон. Исламдын ыйык китеби – Куран.



**Куран** – мусулмандардын ыйык китеби, Алла Тааланын пенделерине кайрылган сөздөрү, буйруктары. Куран 114 сүрөдөн жана 6236 аяттан турат. Бул китепте адам баласынын жашоосунан кыямат күнүнө чейин багыт бере турган шарият мыйзамдары орун алган.

Ислам дини адам баласынын жашоосун толугу менен камтыган дин болгондуктан, андан ким болбосун жеке, үй-бүлөлүк, коомдук жашоосунда өзүнө таандык буйруктарды, эрежелерди, насааттарды, сунуштарды, өрнөктөрдү таба алат.

Бул айтылгандардын баары кайдан келди? Кайдан табылды? Ким чыгарды? Анын баарын тактап, таразалап, бизге калтырып кеткендер кимдер?

Ислам дининдеги буйруктардын, эрежелердин баары төрт негизги булактан алынган. Алар төмөнкүлөр:

1. Куран;
2. Сүннөт;
3. Ижма;
4. Кыяс.

Мен мусулманмын деген бардык киши, бардык катмар ушул булактардан алынган эрежелерге, мыйзамдарга баш ийип, анда айтылган акыл-насааттын негизинде турмушун улантат. Эми буларды бир-бирден чечмелеп, айырмасын түшүнөлү.

**1. Куран**

Ислам дини менен тааныштыгы барлар Куран китебин билишет. Бул Алла Таала Жебреил периште аркылуу Мухаммед пайгамбарга түшүргөн Ыйык Китеп деп саналат. Ал Алла Тааланын өзүнөн периштеси аркылуу Мухаммед пайгамбарга түшкөндүктөн, андагы бир дагы буйрукка, бир дагы сөзгө, бир дагы өкүмгө ишенбей коюуга болбойт. Ошондуктан анда айтылган нерселерге ишенүү адамзат үчүн милдет болуп саналат. Кайсыл нерсеге тыюу салынса, ал – арам. Кайсыл нерсеге уруксат берилсе, ал – адал. Анын өкүмүн эч ким жокко чыгара албайт. Анын өкүмүн эч ким бурмалай да албайт.

*Диний булактардын ичинде Куран Жаратkандын сөзү болгону үчүн өзгөчө орунду ээлеп турат. Тактап айтканда, ал – булактардын булагы болуп, калган диний булактар ага толук таянат.*

*Куран – абалкы түшкөн күндөн баштап азыркы күнгө чейин бир тамгасы да өзгөрбөй келе жаткан уникалдуу китеп.*



*Ал муундан-муунга өтүп, массалык түрдө жатталып келаткан өзгөчөлүккө ээ.*

Куранда диний өкүмдөр менен бирге илимий акыйкаттар да кылдат баяндалганы маалым. Андан атомдон баштап галактикага чейинки нерселер тууралуу маалыматтарды ала алабыз. Мисалы, Жердин тоголок экени, ааламдын кеңейип бараткан, атмосферанын Жер үчүн калкан ролун аткарары ж. б. нерселер тууралуу маалыматтарды Курандын аяттарынан таба алабыз. Ошондой эле илим өнүккөн сайын, Курандын сырлары дагы айкындала берет.

Элибизде маркумдарга Куран окутуу, Куран окуу деген жакшы салт бар. Бирок Куран маркумдарга гана окулат деген түшүнүк туура эмес. Анткени Куран – ар бир мусулман дайыма окуп, ал аркылуу жашоосун нукка салып, руханий азык ала турган ыйык китеп.

«Манас» эпосунда:

«Куран китеп өзүдүр,
Кудайдын айткан сөзүдүр.
Башыңа келсе жамандык,
Бар Кудаанын өзүнөн.
Байкап уктук баарысын,
Пайгамбардын калтырган,
Аят-адис сөзүнөн», – деп айтылат.

**2. Сүннөт**

Сүннөт сөзүнүн мааниси «жакшы мүнөз, жол, эреже» дегенди билдирет. Ислам дининдеги терминологиялык мааниси – Мухаммед пайгамбар өзү аткарган же башкаларга айткан, же башкалардын жасап жатканын көрүп тыйбаган, ыраазы болгон нерселер дегендик. Сүннөткө синоним катары хадис сөзү да колдонулат.

Мисалы, азирети Анас ибн Малик: «Өз үй-бүлөсүнө пайгамбарымдан өткөн ырайымдуу кишини көргөнүм жок», – деп айткан. Демек, пайгамбар үй-бүлөсүнө жасаган ырайымы, жумшактыгы, кайрымдуулугу менен ушул адатты артынан келаткан мусулмандарга сүннөт кылып кеткен.

Пайгамбардын үй-бүлөгө, аялга жакшы мамиле кылуу керектиги тууралуу айтып кеткен хадистери да бар. Анын «Силердин эң жакшыңар – үй-бүлөсүнө эң жакшы мамиле кылганыңар» деген хадиси буга мисал болот.

Ошондой эле пайгамбардын салам берүү, таза жүрүү, жарашыктуу кийинүү, башкаларга жылмайыңкы жүз менен кайрылуу, тамактанар алдында жана тамактанып бүткөндөн кийин колду жуу, жыпар жыт себинүү жана кечиримдүү болуу сыяктуу сөздөрү, кылган иштери, кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму сүннөт болуп эсептелет. Мусулмандар андан үлгү алып, ал калтырып кеткен сүннөттүн баарын карманып жашаганга аракет кылышат.



Чындыгында Куран бүткүл ааламды камтыган, кыяматка чейинки бардык адамзатка багытталган Алланын сөзү болгону менен, андагы айтылгандарды түшүнүүгө, чечмелөөгө баарынын эле акыл-эси, дарамети жете бербейт. Ошондуктан андагы тереңдик менен улуулукту түшүнүүдө, чечмелөөдө пайгамбардын сөзүн, өрнөктүү жашоосун, айткан акыл-насаатын үлгү катары карманабыз. Бул жерден сүннөттүн Куранды чечмелөөдөгү өзгөчө ролу бар экенин көрө алабыз.

Муну менен катар сүннөт өз алдынча жаңы мыйзамдарды киргизүү күчүнө да ээ экенин айтуу керек. Куранда айтылбаган кээ бир маселелер, диний өкүмдөр сүннөт аркылуу киргизилгени маалым. Мисалы, намаз окуурда азан

айтуу, наристенин кулагына азан айтуу ушундай маселелерге кирет.

Пайгамбардын сүннөттөрү элибиздин жашоо-турмушуна да сиңип, каада-салтка айланган. Мисалы, меймандостук, келген кишини утурлап тосуп алуу, оң кол менен тамактануу, тамак тартарда колго суу куюп бата алуу, саламдашып учурашуу, белек беришүү ж. б.

**3. Ижма**

Ижма сөзүнүн лексикалык мааниси «чогулуу, бир пикирге келүү» дегенди билдирет. Ислам грининде пайгамбардын көзү өткөндөн кийин бир мезгилде жашаган улуу аалымдардын кандайдыр бир жаңы пайда болгон маселе боюнча изилдеп, иликтеп отуруп бирдей пикирге келүүсү, мындайча айтканда, бир маселе тууралуу бардык аалымдардын орток пикири ижма деп аталат. Куранды, сүннөттү, пайгамбардын өмүр жолун, кулк-мүнөзүн, сахабалардын жашоо-турмушун, андан кийинки аалымдардын өрнөктүү окуяларын, жазган эмгектерин жакшы билген аалымдар атайын тандалып, алардын илим-билиминин натыйжасында чечим кабыл алынып, ижма кылынат.

Мисалы, мечиттин ичине килем төшөө, азан айтууда жана Куран окууда микрофон колдонуу, документ үчүн сүрөткө түшүү сыяктуу нерселерге ижма аркылуу шариятта уруксат берилген.

**4. Кыяс**

Кыяс сөзүнүн мааниси «өлчөө, салыштыруу» дегенди билдирет. Ал эми диндеги терминологиялык мааниси кайсы бир маселени негиз кылып алып, ага салыштыруу жолу менен башка бир маселеге өкүм берүү дегенди туюнтат.

Мисалы, Куранда ата-энеге «уфф» деп да айтпагыла деген маанидеги аятка салыштыруу менен ата-энеге кол көтөрүү, баш ийбөө, каяша айтуу сыяктуу капа кылган нерселердин баарына тыюу салынган. Анткени ата-ененин кө-

ңүлүн оорута турган жоруктун эң жеңили «уфф», «ээ» деп айтуу эмеспи.

Намазга тоскоол болгон үчүн жума намазы маалында соода-сатык кылууга аят аркылуу тыюу салынган. Нике кыюуга, ижара келишимин түзүүгө да тыюу салынат.

Кыяс кылуу катардагы эле кишилердин колунан келе бербейт. Дин боюнча маалыматы кенен, тарых менен учурдун жашоо-шартын жакшы билген аалымдардын, атайын адистердин кыяс кылганы оң болот.

**Муну билип ал:**

Шарият – универсалдуу ченемдик система катары мусулмандардын жашоосунун бардык чөйрөсүндөгү жүрүм-турумун, ошондой эле алардын сезимдери менен ой жүгүртүүсүн жөнгө салат: чынчылдык, өз эмгеги менен жашоо; киши өлтүрбөө; жардыларга, кайырчыларга жана жетимдерге жардам берүү; уурулук кылбоо; балдарды кордобоо; берген убадасын аткаруу; ата-энеге кам көрүү; аялы менен балдарын ач калтырбоо; ызаны кечире билүү; чыдамдуу жана такыба болуу; аракеч болбоо; кумар оюндарына азгырылбоо ж. б.

**Билимиңерди бекемдегиле:**

1. Ислам дини адам баласынын жашоосун толугу менен камтыган дин деп окудуңар, өз далилиңерди келтиргиле.
2. Исламдын башкы булагы кайсы жана анын маанилүүлүгү эмнеде?
3. Ислам эрежелеринин булактары кайсылар? Аларга мисалдарды келтиргиле.
4. Кыргыз элинин салттык каада-салттары Ислам эрежелерине карама-каршы келбейби? Өз оюңарды айтып бергиле.
5. «Куран – Ислам булагы» деген темада дил баян жазгыла.

# § 5. Ишеним

Ишеним деген эмне? Ишеним адам жашоосунда кандай роль ойнойт?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***ишеним, периште, пайгамбар***

## Ыймандын негиздери

Ишеним – кандайдыр бир нерсени чындык катары чечкиндүүлүк менен кабыл алуу. Ал эми Ислам growth динінде ишеним «ыйман» деген сөз менен берилип, анын түшүндүрмөлөрү, негиздери так, даана баяндалган. Ыйман «ишенүү, тастыктоо, ишеним артуу» деген маанилерди билдирет.

Ислам боюнча ыйман – Мухаммед пайгамбарга Алла Тааладан келген жана динде анык билинген өкүмдөргө шек санабай ишенүү, тастыктоо, алардын чындык экенин күмөнсүз кабылдоо дегендик.

Кээ бир ислам аалымдары ыйман келтирүүдө бекем ишенүү менен бирге «тил менен айтып, амалы менен тастыктоонун» да зарыл экенин кошумчалашкан. Бирок көпчүлүк аалымдардын пикири боюнча «ыйманын тил менен айтуу» тек гана күнүмдүк турмушка байланыштуу өкүмдөр үчүн зарыл шарт болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, «тил менен айтуу» ыймандын түпкү өзөгүнө таандык болбой, зарыл шарт катары каралат. Ушул өңүттөн караганыбызда, жүрөгүнөн ишенген (ыйман келтирген) киши айрым абалдарда ыйманын тили менен айтып жарыялабаса да, ыйманы дурус болуп саналат. Ошондой эле оор кысымга кабылып, өзүнүн же жакындарынын өмүрүнө коркунуч туулган учурда тили менен Аллага каршы сөз айтса да, ал ыймандан чыкпаган деп эсептелет.

**Ыймандын негиздери**

- Алла Таалага ыйман келтирүү
- Периштелерге ыйман келтирүү
- Ыйык китептерге ыйман келтирүү
- Пайгамбарларга ыйман келтирүү
- Тагдырга ыйман келтирүү
- Акыретке ыйман келтирүү
- Өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө ыйман келтирүү

**Алла Таалага ыйман келтирүү**

Алла Тааланын бар экенин жана бир экенин, анын бардык нерсени жоктон бар кылганын, өзү түбөлүк бар болорун жана Жаратканга теңдеш эч кандай зат жок экенин кабыл алуу.

Биздин ата-бабаларыбыз мусулманчылыкты кабыл алганга чейин эле бир Жаратканга ишенип, «Теңир» деген сөзү менен Жараткан Алланы туюнтушчу. Бул сөз – орусча «Бог», французча «Дио», фарсыча «Худаа» деген сөздөрдүн эквиваленти. Алла Тааланын көптөгөн ысымдары бар. Бирок алардын эч бири анын нукура өз ысымы болуп эсептелген «Алла» сөзүнүн эквиваленти боло албайт.

«Манас» эпосунда Алла Таала тууралуу мындай айтылат:

«Барбардигер бир Алла,
Бар деп билгин ката жок.
Туудурду дебе, ата жок,
Тууй турган эне жок,
Туш келишер неме жок,
Өзгө, тууган-урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өзү бар, андан бала жок.
Болсо сенде дил деди,

Болжоп акты бил деди.
Ак Ислам динине,
Азбай балам кир деди».

Алла Таалага ишенүү – ыйман негиздеринин эң биринчиси жана өзөгү. Бардык ыйык диндерде Алла Тааланын бар экени жана бир экени ишенимдин башкы негизи болуп келген. Анткени ишеним негиздери түпкүлүгүндө жалгыз Аллага ыйман келтирүү маселесине барып такалат.

**Периштелерге ыйман келтирүү**

«Периште» сөзү бизге фарсы тилинен кирген. Арабча «малак» (көптүк түрү «малаика») деп аталган бул сөз лексикалык жактан «кабарчы, элчи» сыяктуу маанини туюнтат.

Ислам боюнча периште «Алла Таала нурдан жараткан, эркек-ургаачысы болбогон жана Алла Таалага баш ийүүдөн эч качан тайбаган аруу жандар» деген аныктама менен белгиленет.

Ислам аалымдары «Алла менен пайгамбарлардын ортосундагы байланыштар периштелер аркылуу жүргүзүлгөндүктөн, периштелерге ишенбөө, ыйман келтирбөө, аларды жокко чыгаруу жалпы эле пайгамбарларды, алар айткан буйруктарды, алар алып келген диндерди жана ыйык китептерди жокко чыгаруу менен барабар жана бул ыймансыздыкка алып келет» деп эсептешет.

Исламда периштелерди негизги милдеттери жагынан төмөнкүдөй топторго бөлүп баяндасак болот. Төрт улук периште:

- **Жебреил**

Алаа Тааладан аян (вахий) алып келүүчү периште ушундай деп аталат.

- **Микаил**

Төрт улук периштенин бирөөсү катары Алла Таала тарабынан ааламдагы окуяларды, кубулуштардын жана жаратылгандардын абалын, ырыскыларын башкарууга даярдалган периште.

- **Исрафил**

Бул периштенин аты Куранда аныкталган эмес. Милдети – Кыямат күнү үчүн сурнай тартуу.

- **Азреил**

Бул периштенин милдети – ажалы жеткендердин жанын алуу. Куранда өлүм периштеси деген ат менен берилген.

Мындан сырткары дагы көптөгөн милдеттерди аткарган периштелер бар. Мисалы, адам баласын ар кандай кырсыктардан коргогон периштелер, ар бир кишинин жакшы-жаман иштерин калтырбай жазган периштелер, кыяматтын болгонун жарыя кылып, сурнай тарткан периштелер ж. б.

**Ыйык китептерге ыйман келтирүү**

Китеп «жазуу, жазылган нерсе» дегенди билдирет. Ал эми өзүнчө термин катары айтылган «Ыйык Китептин» мааниси «Алла Тааланын жараткан пенделерине жеткирүү максатында пайгамбарларына аян кылган сөздөрү жана мунун жазуу түрүндөгү формасы» болуп эсептелет. Адам баласы ыйык китептер үйрөткөн эрежелерге таянбай туруп, өзүнүн чыныгы Жаратуучусун таанып билүүсү мүмкүн эмес.

Ыйык китептерге Куран, Инжил, Тоорат, Забур жана бир канча барактан турган жыйнактар кирет. Булардын ичинен Куран Мухаммед пайгамбарга, Инжил Иса пайгамбарга, Тоорат Муса пайгамбарга, Забур Дауд пайгамбарга, бир канча бетте турган ыйык кабарлар Адам, Шис, Ибрахим, Идрис пайгамбарларга түшкөн.

Куранда «Оо, ыйман келтиргендер! Аллага, анын пайгамбарына, пайгамбарга түшүрүлгөн китепке жана андан мурун түшүрүлгөн китепке ишенгиле. Кимде ким Аллага, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана Кыямат күнүнө ишенбесе, ал абдан катуу адашкан болот», – деп айтылат.

Мусулмандар Куранга ишенгендей эле, Инжил, Тоорат, Забурдун Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн чыныгы нускасына ишениши керек.

Ыйык китептер пайгамбарларга вахий аркылуу берилген. «Вахий» сөзү «тымызын билдирүү, илхам берүү, аян кылуу» сыяктуу мааниледи билдирет. Ал эми диний термин катары айтсак, вахий – «Алла Тааланын билдиргиси келген туура жол менен буйруктарын элчи катары тандаган кулдарына тикелей же периштенин ортомчулугу менен билдирүүсү» деген сөз.

**Пайгамбарларга ыйман келтирүү**

Пайгамбар деген сөз кыргыз тилине фарсы тилинен оошуп кирген, лексикалык жактан «жол башчы, кабарчы, элчи» деген маанилерди билдирет. Ал эми Ислам дининин терминологиясында пайгамбар – Алла Тааланын пенделеринин арасынан тандап алган жана буйруктарын башкаларга жеткирүүгө милдеттендирген элчиси». Ал эми бул сөз араб тилинде «расул» же «набий» деп аталат.



Пайгамбарларга ыйман келтирүү – ыймандын жети негизинин бири. Алла Таала эч кандай айырмалабай туруп, бүткүл пайгамбарларга ыйман келтирүүнү парз кылган. Ыйык Куранда: «Пайгамбар менен ыймандуулар Эгеси тарабынан түшүрүлгөнгө ыйман келтиришти. Алардын бардыгы Аллага, периштелерине, китептерине жана пайгамбарларына ишеништи да, «Анын Пайгамбарларынын эч кимисин бөлбөйбүз» дешти», – деп айтылат.

Куранда жалпысынан 25 пайгамбардын аты айтылат. Эң биринчиси – Адам Ата, эң акыркысы – Мухаммед пайгамбар. Мухаммед эң акыркы пайгамбар болгондуктан, ал өзүнөн кийин кыяматка чейин келе турган бардык адамзатка пайгамбарлык кылат. Ошондуктан ал өтө кеменгер, кыраакы, көрөгөч, ар-намысы, абийири таза инсан болгон. Андан ким болбосун, качан болбосун адамгерчиликтин эң сонун үлгүлөрүн таба алат. Ал эч бир иши үчүн сыйлык, мактоо күткөн эмес.

Адам баласы жаратылыштагы жандуулардын арасынан эң жогорку орунда турат. Бирок ичи тардык, жек көрүү, карөзгөйлүк, кежирлик сыяктуу алсыздыктар анын адамдык бийиктигин төмөндөтүп, эң пас деңгээлге түшүрүшү мүмкүн. Ушундан улам Алла Таала чексиз даанышмандыгы жана мээримдүүлүгү менен пайгамбарларды жөнөтүп, адамдарды кайра бийик деңгээлге үндөйт.

**Тагдырга ыйман келтирүү**

Тагдыр «өлчөө, белгилөө, бекитүү» деген маанилерди билдирет. Тагдыр – өткөндү, азыркыны жана келечекти анык билип турган Алла Тааланын бардык жаратылган нерселерди жана окуяларды кандайдыр бир «каттоо китебине» алдын ала жазып белгилөөсү.

Курандын бир топ аяттарында тагдыр жөнүндө баса белгиленип, хадистерде дагы тагдырга ыйман келтирүүнүн зарылдыгы айтылган. Мисалы, «Чынында биз ар бир нерсени өлчөм (тагдыр) менен жараттык» деген аят бар.

Адам баласынын жасаган жана жасай турган жакшы же жаман иш-аракеттеринин ар бирин Алла Таала эзелтеден билип, тактап койгону пенденин эркин жокко чыгарбайт. Анткени тагдыр деген – Алла Тааланын кишини бир нерсени жасоого мажбурлоосу эмес, ал кишинин эркин кандай колдонуп, кандай иштерди жасаарын алдын ала билүүсү жана ошого уруксат берүүсү.

## Акыретке ыйман келтирүү

Акырет «акыркы, акырындагы» деген маанини билдирет. Акырет – Кыямат күнүнөн баштап түбөлүккө созулчу жашоо. Ал кайра тирилүү, эсеп-кысап, тараза, шапаат, көпүрө, бейиш жана тозок сыяктуу нерселерди өзүнө камтыйт. Албетте, мунун баары так, даана кандай болорун билүүгө биздин акыл-эсибиз, элестетүүбүз, күчүбүз жетпейт.

Адам баласы «биз кимбиз», «кайдан келдик», «кайда барабыз» деген суроолор менен түйшөлүп, илгертен бери булардын жообун издеп келген. Ушундан улам адамзаттын тарыхында кайра тирилүү жана акырет жашоосу тууралуу ар кандай пикирлер айтылат. Бирок пайгамбарлар өлүмдөн кийин кайра тирилүү сөзсүз болорун билдиргендиктен, Куранда: «... жана алар (ыймандуулар) акыретке толук ишенишет», – деп айтылат.

Акыретке ишенбегендердин: «Чириген сөөккө айланган соң, кайра тирилмек белек?», – деген сыяктуу дооматтарына Куран Алла Тааланын бул ааламда алда канча зор, керемет нерселерди жаратканын эскертип, аларга караганда кишини кайра тирилтүүнүн эч кандай кыйынчылыгы жок экенин билдирет. Куранда: «(Анын) силерди кайра жаратуусу кыйынбы, же куруп койгон асмандыбы?», – деп айтуу менен кабат-кабат асмандарды, санак жеткис жылдыздарды жараткан Алла үчүн кишилерди кайра тирилтип коюу эң оңой экени билдирилет.

## Ишенимдин маанилүүлүгү

Адамзат тарыхында динге ишенбеген, динсиз жашаган эч бир калк, эч бир эл өткөн эмес. Ар бир элдин бир улуу күчкө, Жаратканга ишенгенин тарых толук тастыктайт. Кандайдыр бир улуу күчкө ишенүү адам баласынын адамдык табиятына жуурулуштура жаратылган тубаса касиет.

Адамдын жашоосунда ишенимдин орду өтө бийик. Себеби кандайдыр бир ишенимде жашаган киши өзүн дайыма көзөмөлдөп турган бирөө бар экенин сезгендиктен, ар кандай жаман жоруктардан алыс болот. Мойнундагы жоопкерчилигин сезип, баскан-турганын көзөмөлдөп жашайт. Эң негизгиси – ишеним адам баласына жашоону сүйдүрөт. Ыйман, ишеним кишини адамгерчиликке, абийирдүүлүккө, чынчылдыкка чакырып, ыпластыктан, терс көрүнүштөрдөн алыстатат. Адам ыйманы менен жасалмалуулуктан, эки жүздүүлүктөн оолак болот. Мындай киши ата-энесине, дос-жарларына, тууган-уругуна жана жалпы эле адамзатка, жаратылышка камкор болуп, боорукердик менен мамиле кылат. Ыйман келтирген киши кылган бардык иштеринин сыйлыгын жана жазасын көрөрүнө ишенет.

**Муну билип алалы:**

Алла – кыргыз тилинде «Кудай», «Теңир», орус тилинде «Бог», англис тилинде «God» ж. б. у. с. сөздөр менен бирдей мааниде болуп, Жараткан жалгыз Кудай түшүнүгүндө колдонулат. Ал эми «ла илаха иллаллах» келмеси (Жаратканадардын арасындагы) жалган Кудайлардын ичинен сыйынууга татыктуу болгон чыныгы бир Кудайдан башка Жараткан жок дегенди билдирет. Исламда диндин негизин Таухид (бир кудайлуулук, монотеизм) түзөт. Бир Кудайлуулукту ар бир адам туура түшүнүп, бир Кудайды өз тилинде айтса болот (арабча Аллах, кыргызча, фарсыча Кудай, кыргызча, түркчө Теңир, англисче God, латынча Dios ж. б. у. с. Ошондой эле ар бир адам бир Кудайга, улуу жана кудуреттүү Жаратканды көптөгөн сапаттарын билдирген сонун жана улук ысымдарын айтып, чын ниеттен өз тилинде дуба кыла алат.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Ишеним, ыйман түшүнүктөрүн аныктап бергиле?
2. Ыйык китептер кайсылар жана андагы ишеничтердин бирдейлиги барбы?
3. Адам баласы жаратылыштагы жандуулардын арасынан эң жогорку орунда турат. Бирок ичи тардык, жек көрүү, карөзгөйлүк, кежирлик сыяктуу алсыздыктар адамдын бийиктигин төмөндөтүп, эң пас деңгээлге түшүрүшү мүмкүн. Эки айтымга тең мисалдарды келтиргиле.
4. Ыйман келтирүүнүн негиздерине мисалдарды келтиргиле.
5. «Ишеним – адам баласына жашоону сүйдүрөт» деген темада дил баян жазгыла.

# § 6. Ибадат

Ибадат дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***келме, намаз, зекет, орозо тутуу***

## Ибадат кылуу

Ибадат сөзү араб тилинен алынып, «моюн сунуу, кулчулук кылуу, сыйынуу» деген маанилерди билдирет. Диндеги мааниси болсо – Аллага сый-урмат көрсөтүү, Алланы сүйүү, анын ыраазылыгына жетүү ниетинде жасалган иш-аракеттер. Ислам growинде адам баласынын жаралуусунун негизги себеби да ибадат экени айтылат. Куранда Алла Таала: «Мен жиндер менен адамдарды мага ибадат кылуусу үчүн гана жараттым», – деп айткан.

**Ибадат үчкө бөлүнөт:**

- Дене-мүчө менен аткарылчу ибадаттар
- Мал-мүлк, акча-каражат менен аткарылчу ибадаттар
- Дене-мүчө, мал-мүлк экөө тең талап кылынган ибадаттар



**а) Дене-мүчө менен аткарылчу ибадаттар.** Буга намаз, орозо, дуба кылуу сыяктуу ибадаттар кирет. Бул ибадаттарды ар бир мусулман өзү гана аткарышы керек.



**б) Мал-мүлк, акча-каражат менен аткарылчу ибадаттар.** Буга зекет, кайыр-садага, үшүр, курмандык сыяктуу ибадаттар кирет. Бул ибадаттарды аткаруу үчүн киши эч кандай кыймыл-аракет кылбашы мүмкүн. Жетишерлик каражаты болсо болду. Мисалы, банктагы эсебинен кайсы бир жетимдер үйүнө каражат бөлүү менен зекетин же садагасын берип коё алат. Андан сырткары бул ишти башка бирөөнүн атынан да аткарып койсо болот. Мисалы, ата-эненин атынан садага берсе, курмандык чалса, аларга сообу жетет.

**в) Дене-мүчө, мал-мүлк экөө тең талап кылынган ибадаттар.** Ибадаттын бул түрүнө ажылык, умра сыяктуу ибадаттар кирет. Бул ибадаттарды аткаруу үчүн пенде акча-каражатын, күч-кубатын жумшап узак сапарга аттанат. Андан сырткары барган жеринде аткара турган милдеттери бар. Анын баарын кынтыксыз аткармайын, ибадаты толук болбойт. Мисалы, Каабаны айланып тооп кылуу, Сафа, Марва дөңсөөлөрүнүн ортосунда басуу жана дагы ушул сыяктуу талаптар дене-мүчө менен аткарылат.

Ошондой эле кээ бир ибадаттарды аткара турган атайын жайлар, белгиленген убакыттар болсо, кээ бир ибадаттар эч кандай жайга, убакытка көз каранды эмес. Мисалы, орозо кармоо үчүн эч кандай деле жайдын кереги жок. Бирок атайын белгиленген убактысы бар. Айрыкча, Рамазан айында орозо кармоо мусулмандар үчүн парз. Ошол



эле убакта кандай орозо болбосун, таң сөгүлгөндөн күн батканга чейин гана кармалат. Түнкүсүн орозо кармалбайт.

Намазды мечитке барып жамаат менен окуунун сообу көп. Мечиттен сырткары таза жерлерде, белгиленген убакта окуганга болот. Ислам дини боюнча Аллага ибадат кылуунун түрлөрү көп. Мисалы, намаз окуу, дуба кылуу, садага берүү, Алланын улуулугу тууралуу ой жүгүртүү жана башка Алланын ыраазылыгы үчүн жасалган иш-аракет, жүрүм-турумдун баары ибадатка кирет. Ал тургай туура ниет менен жасалган күнүмдүк тиричилик иштери да ибадатка кириши мүмкүн. Ал иштердин ичинен 5 түрү негизги парз ибадат болуп саналат.

**Исламдын түркүктөрү**

Келме айтуу | Намаз окуу | Орозо тутуу

Зекет берүү | Ажыга баруу

**1. Келме айтуу.** Келме Исламда Аллага ишенүүнү билдирүүчү сөз. Келмеде айтылганга ишенүү – Исламдын беш түркүгүнүн бири. «Ашхаду ал лаа илааха иллаллоох, уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух» деп айтылат. Же «Лаа Иллааха иллалох, Мухаммадур расулуллах» деп кыскартып айтса да жарайт. Мунун мааниси: «Алладан башка сыйынуучу зат жок экенине, Мухаммед анын кулу жана пайгамбары экенине күбөлүк берем», – деген сөз. Кыскача «Алланын кулу жана Алладан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммед анын элчиси» дегенди билдирет. Мусулман болом деген киши сөзсүз ушул сөздү айтып, Аллага жана анын пайгамбарына ыйман келтиргенин тастыкташы керек.

**2. Намаз окуу.** «Намаз» деген сөздүн мааниси «тилек, дуба, жакшы бата» дегенди билдирет. Ислам材 дининде намазга өтө терең маани берилет. Намаз тууралуу Куранда да,

Мухаммед пайгамбардын хадистеринде да көп жолу айтылган. Мисалы, бир аятта «Намаз окугула, зекет бергиле, рүкү кылгандар менен чогуу рүкү кылгыла» деп айтылса, хадисте «Намаз – диндин тиреги» деп айтылат. Негизи күнүгө беш маал намаз окуу парз. Бирок андан башка да кошумча окула турган намаздар көп. Ал намаздар окулса жакшы, окулбаса күнөө эмес.

**Намаздын түрлөрү.** Намаздар аткарылуу өкүмү жагынан үчкө бөлүнөт:

1. Парз намаз;
2. Важиб намаз;
3. Нафил намаз (кошумча намаздар).

**3. Орозо тутуу.** Мусулманчылыктын дагы бир парзы – Рамазан айында орозо тутуу. Акыл-эси ордунда болгон, балакатка жеткен жана орозо кармоо ден соолугуна зыян келтирбеген ар бир киши бул айда орозо кармашы керек. Айтмакчы, бала эмизген же боюнда бар аялдарга, же сапарда жүргөндөргө да орозо кармабай коюуга уруксат берилет. Бирок булар кийин шарты келгенде кармабаган күндөрүн толуктап бериши керек. Орозо тууралуу Куранда: «Оо ыйман келтиргендер, силерден мурункуларга парз кылынгандай, силерге да такыба болушуңар үчүн орозо парз кылынды», – деп айтылат.

**4. Зекет берүү.** Зекет «өсүп-өнүгүү, береке кирүү, көбөйүү, тазаруу» деген маанилерди билдирет. Ислам дини боюнча колдогу байлык кандайдыр бир өлчөмгө жеткенде белгилүү бир бөлүгүн Куранда көрсөтүлгөн кишилерге берүү. Куранда: «Аларды тазартып, жакшылыктарын көбөйтүү катары мал-мүлктөрүнөн зекет алгын», – деп айтылат. Зекет – мал-мүлктүн жана анын ээсинин ар кандай кырсыктардан, оору-сыркоолордон алыс болуусуна, байлыктын берекеси кетип, ойрондолуп жоголбошуна себепкер болот. Мухаммед пайгамбардын: «Мал-мүлкүңөрдү зекет берүү аркылуу коргогула», – деген сөзү ушундай мааниде айтылган. Куранда: «Зекет – эч нерсеси жок жакырларга, кембагалдарга, зекетти жыйноого дайындалган кишилерге,

мусулманчылыкка көңүлдөрү жибитилүүсү зарыл болгондорго, кулдарды эркиндикке чыгарууга, карызга баткандарга, Алланын жолундагыларга жана ара жолдо калган жолоочуларга берилүүсү Алла тарабынан парз кылынды», – деп айтылган.




**5. Ажыга баруу.** Ажылык араб тилиндеги «хаж» деген сөздөн келген. Бул сөз лексикалык жактан ыйык бир нерсени же бир жерге барууну көздөө деген маанини билдирет.

Ал эми бул сөздүн шарияттагы аныктамасы – белгилүү убакытта, белгилүү жерлерди өз эрежесине ылайык зыярат кылуу дегендик. Жылдын белгилүү айында жана күндөрүндө ажылыкты аткаруу ниети менен Меккенин жанындагы Арафат өрөөнүндө чогулган мусулмандар менен чогуу туруу жана Каабаны жети жолу айлануу (таваф) менен катар эле ажылыктын башка дагы бир топ талаптарын аткаруу ажылык болуп саналат.

Мухаммед пайгамбар: «Ажылык жана умра ибадатын аткаргандар – Жараткандын коноктору. Ошондуктан Жараткан алардын дубаларын кабыл кылат. Кечирим тилесе, кечирет», – деп айткан.

Жыйынтыктап айтканда, бул ибадаттар Куран, хадистер аркылуу аныкталып, Ислам дининде өзгөчө маани берилет жана убактысы, шарты келген учурларда сөзсүз аткаруу талап кылынат.

## Ибадаттын маанилүүлүгү

Ибадаттын өзөгү – ыклас. Тагыраак айтканда, ибадат Алла Таала буюрганы үчүн гана кылынышы керек. Мындан башка ниет менен, мисалы, бирөөгө жагынуу, элге көрүнүү, мактануу сыяктуу кандайдыр бир жеке кызыкчылыктар

үчүн кылынган ибадат кабыл болбойт. Маселен, намаз ден соолукту чыңдоо үчүн окулбайт. Орозо диета үчүн, арыктоо үчүн кармалбайт. Ошондой эле ажылыкка эл-жер көрүш үчүн же туризм үчүн барбайт, ал эми садага элге мактаныш үчүн берилбейт.

Алла Таала адам баласын бардык жаратылган заттардан жогору жараткан. Ал өзүнө берилген жөндөмдөр, акыл-эс, адеп, ыйман ж. б. у. с. артыкчылыктары менен бардык жандуу-жансыздан өйдө турат жана бардык нерсе ага пайдалануу үчүн берилген. Ал гана эмес, аны өзүнүн жер жүзүндөгү өкүлү деп жарыялаган. Андыктан адам баласы аларды Жараткан ыраазы болгондой пайдаланып, ысырапкорлукка, мыкаачылыкка, ач көздүккө жол бербеши керек. Бирок адам баласы өзүнүн бул артыкчылыгын унутуп, же туура эмес колдонуп, ач көздүк, мыкаачылык, ыпластык, ич күйдүлүк, наадандык, кайдыгерлик сыяктуу жаман сапаттарга берилип алса, анда ал бардык жан-жаныбардан төмөн түшүп кетет.

Алла Таала талап кылып, пайгамбарлар үйрөтүп кеткен ибадаттар адам баласын мына ушундай кесепеттерден сактайт. Мисалы, күндө беш маал намаз окуу кишиге жоопкерчиликти, туруктуулукту, тактыкты үйрөтсө, намаз окуу үчүн даарат алуу кишини тазалыкка, кийим-кечесин таза кармоого үндөйт. Ал эми орозо кишини шүгүрчүлүккө, сабырдуулукка, ден соолуктун кадырын билүүгө чакырат. Айрыкча орозо кармаган киши ачка жүргөн кедей-кембагалдын абалын түшүнүп, алар менен тамак-ашын тең бөлүшүүгө маани берет.

Ал эми ажылык пендени алыс сапарга аттандырып, жолоочулуктун, мусаапырлыктын кадырын түшүндүрөт. Дүйнө жүзүнүн ар тарабынан келген мусулмандар бири-бирин таанууга өбөлгө түзөт. Кыскасы, адамзат, айрыкча мусулмандар, ушул ибадаттар аркылуу аралашып, бири-бирине каралашып, түшүнүшүп, адамдык сапатын сактап жашаганды үйрөнөт.

## Ибадаттарды аткаруудагы жоопкерчиликтер жана шарттар

Жогорудагы ибадаттарды аткаруу парз, аларды аткарчу убакыттар, эрежелер жана талап кылынган шарттар бар. Ибадатты аткара турган жоопкер кишини «мукаллаф» деп атайбыз.

Жалпы жонунан жоопкерчиликтин негизги үч шарты бар. Алар:

1. Мусулман болуу.
2. Акыл-эси толук болуу.
3. Балакатка (эрезеге) жетүү.

Ислам дини боюнча Аллага ибадат кылууга мына ушул үч шарттагы кишилер милдеттүү. Буга ылайык мусулман эмес кишиден намаз окуу, зекет берүү, орозо кармоо жана ушул сыяктуу мусулманчылыктагы негиздер талап кылынбайт. Ошондой эле акыл-эсинин өнүгүүсү кечеңдеген, балакатка жете элек балдар үчүн да булар парз эмес.

Булар – Ислам дининдеги негизги шарттар. Мындан сырткары ар бир парз ибадаттын да кошумча шарттары бар. Мисалы, ажылык ибадатын аткарам деген киши үчүн бул үч шарттан сырткары жолуна, өзү кеткенден кийин үй-бүлөсүнүн жашоосуна жеткендей каражаты болушу шарт. Бул шарттар болбосо, ажылык парз болбойт. Ошондой эле парз болгон орозону кармоо үчүн ден соолугу чың болушу керек. Оорусу күчөп кете турган кишиден же бала эмизген энеден орозо кармоо талап кылынбайт.

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Банктын эсебинен кайсы бир жетимдер үйүнө каражат бөлүү менен зекетин же садагасын берип коюу ибадаттын кайсы түрүнө кирет?
2. Хадисте «Намаз – диндин тиреги» деп жазылган. Маанисин ачып бергиле.
3. Ибадаттын түрлөрүн жана алардын жол-жоболорун чечмелеп бергиле.
4. «Ибадаттын маанилүүлүгү» деген темада дил баян жазгыла.

# § 7. Ахлак

? Адептүүлүк, адеп-ахлак түшүнүктөрүн чечмелеп бергиле.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***ахлак, адеп-ахлак***

## Адеп-ахлак

Адеп-ахлак – адамдагы руханий сапаттардын, адаттардын жана эрктүү жүрүм-турумдардын жыйындысы. Ахлак араб тилинде «халк» же «хулук» сөзүнүн көптүк түрү болуп, «жаратылыш, мүнөз» дегенди билдирет. Сөздүктөрдө «хулук» сөзү адамдын руханий өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Кыргыз тилиндеги «кулк-мүнөз» сөз айкашы да ушундан келип чыккан.

Ислам булактарында «халк» жана «ахлак» терминдери жакшы жана жаман иш-аракеттерге, изгиликтерге жана уятсыздыкка карата колдонулган. Ахлак сөзүнөн тышкары күнүмдүк жашоонун ар кандай жагдайларына карата жүрүм-турум жана этикет, мисалы: тамактануу, сүйлөшүү, саякаттоо, татыктуу, сылык жана сонун жүрүм-турум, алар жөнүндө кыска жана акылдуу сөздөр жана ушул сөздөрдөн жасалган чыгармалар «адаб» (адеп же адептүүлүк) деп аталган. Ислам адабиятында «адаб» термини алгачкы мезгилдерден бери белгилүү бир жүрүм-турум жагдайларына карата колдонулуп келсе, «ахлак» термини ошол жүрүм-турумдун жана мамиленин булагы болгон руханий жана моралдык өзгөчөлүктөрдү, адамдын руханий өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган билим жана ой чөйрөсүн түшүндүргөн.

Ислам дини кыргыздардын арасына жайыла баштагандан тартып Исламдын ахлактык нормалары да кире баштаган. Бул ахлактык баалуулуктар да кыргыз элинин ахлактык нормаларына таасирин тийгизген жана адамдардын тар-

биясында маанилүү орунга ээ болгон. Кыргыз эли бул баалуулуктарды кылымдар бою муундан-муунга өткөзүп жашатып келген. Мисалга алганда, кыргыздын ата-бабадан келе жаткан макалдарында адамдарды адеп-ахлактуу болууга чакырган төмөнкүдөй макалдар бар:

«Адам көркү – адеп»,
«Адепсизден алыс кач»,
«Адептүү алкыш алат,
Адепсиз – каргыш алат».

Ислам ахлагына жараша жашоо жана ага ылайык мамиле жасоо кыргыз элинде абдан чоң мааниге ээ. Ошондуктан кыргыз маданиятында адеп сөзү менен ахлак сөзү биргеликте адеп-ахлак сөз айкашы катары колдонулуп калган.

Мухаммед пайгамбар бир Аллага баш ийүүгө негизделген адеп-ахлактык жана диний биримдикти камсыз кылуу милдетин өзүнө койгон. Алланы урматтоо (Кудайдан коркуу), жеке жана коом катары өнүгүүнүн жана баалуулукту жогорулатуунун чарасы болуп калган. Бул чарага ылайык Исламдын окуулары Алланын бардык жандыктарына ырайымдуу болуу, адамдык мамилелердеги чынчылдык жана ишенимдүүлүк, жоопсуз сүйүү жана гумандуулук, чын ык-



ластуулук жана жакшы ниет, жаман тенденцияларды басуу ж. б. көптөгөн жакшы сапаттарга үгүттөгөн.

## Адеп-ахлактын булагы

Куран жана анын жарыгында калыптанган сүннөт Ислам адеп-ахлагынын негизги булагы болуп эсептелет. Азирети Айша пайгамбардын адеп-ахлагы Курандын адеп-ахлагы экендигин баса белгилеген. Ушул себептен Исламдын адеп-ахлак идеясы Куран жана сүннөттөн башталат. Бул эки булак диний жана дүйнөлүк жашоонун жалпы алкагын белгилеп, алардын иш-аракеттеринин эрежелерин аныктап, кийинчерээк ар түрдүү тармактагы аалымдар тарабынан иштелип чыга турган адеп-ахлакты түшүнүүгө негиз салган. Куран адеп-ахлак маселелерин башка адеп-ахлак китептери сыяктуу системалуу түрдө карабаса да, Куранда камтылган башка маселелер сыяктуу эле адеп-ахлактын принциптерин жана эрежелерин киргизген.

Адамды ааламдын жалгыз жооптуусу (калыйпасы) катары тааныган Ыйык Куран анын адеп-ахлактык мүнөзүнө өзгөчө көңүл бурган. Демек, Алла адамды сонун жаратылышта жараткан жана ага өзүнүн рухунан берген. Ушул себептен адамзаттын түпкү атасы жана бүт адамзаттын өкүлү болгон Адам пайгамбардын алдына периштелер Алланын буйругу менен сажда кылып жыгылышкан. Бирок адамда бул жогорку руханий өзгөчөлүгү менен бирге эле анын топурактан жаратылган пенделик өзгөчөлүгү бар. Адамдагы бул эки жактуулук моралдык жактан ага жакшылык менен жамандыктын булагы болгон жөндөмдөрдү чогуу берген. Ошентип, ким өз жанын таза кармаса, ал ийгиликке жетет, ал эми аны булгаган чыгымга учурайт.

Курандын адамдын адеп-ахлактык мүнөзүнө карата мындай тең салмактуу мамилеси алардын адеп-ахлактык абалын жана артыкчылыктарын бирдей баалоого алып

келген. Курандын адамга болгон этият оптимизми Ислам адеп-ахлагынын диний мүнөзгө ээ экендигин айгинелейт. Ошол эле мезгилде Куран менен сүннөткө каршы келбөө шарты менен аалымдардын, даанышман олуялардын жана коомдун (улуттун) жол көрсөтүүчүлөрүнүн пикирлери, насыйкаттары да адеп-ахлактын негиздерин түзөт.

Исламда адеп-ахлак толугу менен диний принциптерге жана эрежелерге негизделген. Бардык мусулмандар Курандын буйругун аткарып, пайгамбардын окууларына ылайык жашаган. Пайгамбардан кийинки доордо пайда болгон жаңы кырдаалдын алдында аздыр-көптүр жаңы адеп-ахлак үлгүлөрү пайда болсо дагы, алар Куранды негиз кылышкан. Ал эми кийинки учурларда пайгамбардын жана анын сахабаларынын жашоосунан үлгү алуу менен биргеликте, айрыкча кыргыз жергесинде Ханафи мазхабынын жана кыргыздын улуттук баалуулуктарынын негизинде салттуу Ислам адеп-ахлагын сактоого негизделген түшүнүк пайда болгон. Адеп-ахлак жөнүндөгү чыгармалардан же ушул тармактын өзгөчө маселелеринен турган бай маданият пайда болуп, азыркыга чейин сакталып келүүдө.

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Адеп-ахлак эмнени түшүндүрөт?
2. Адептүүлүк үлгүлөрүн чагылдырган мисалдарды келтиргиле.
3. Ахлак сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө эмне айта аласыңар?
4. Кыргыздарда адептүүлүк баалуулугу кандай бааланып келген?
5. Ислам growth динине адеп-ахлактын орду кандай?
6. «Менин адеп-ахлагым» деген темада дил баян жазгыла.

# § 8. Мухаммед пайгамбардын замандаштары: Сахабалар баяны

**?** Сахаба дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***сахабалар, мухажир, ансар***

## Сахабалар кимдер?

Ислам дининин пайгамбары, Ыйык Курандын жарчысы, Алланын акыркы элчиси Мухаммед 571-жылы 20-апрелде Меккеде төрөлгөн. 40 жашка чыкканда пайгамбарлык милдет жүктөлүп, 23 жыл аркалаган соң, 63 жашында көз жумган. Мына ушул 23 жылдын ичинде Ислам динин жүз миңдеген кишиге жеткирип, дээрлик бүткүл Аравия жарым аралына динди таратууга жетишкен. Анын айланасында ар дайым динди жайылтууга көмөкчү кишилер – сахабалар болгон. Мухаммед пайгамбар көз жумар алдында кылган ажылыкка 100 миңден ашуун сахаба катышканы айтылат.





«Сахаба» сөзү араб тилинде «жолдоштор, достор» деген маанини туюнтат. Ал эми Ислам дини боюнча жашоосунда жок дегенде бир жолу пайгамбарды көргөн мусулмандын баары сахаба болуп саналат. Ушундан улам пайгамбардын доорунан кийин эч ким сахаба боло албайт. Пайгамбарды көргөндөр сахаба деп аталса, сахабаларды көргөндөр табийин, табийиндерди көргөндөр табаи-табийин деп аталат.

Сахабалар – наадандык, түркөйлүк, караңгылык каптап турган кезде башына түшкөн коркунучка, элдин наараазычылыгына, жек көрүүсүнө карабай Ислам жолун тандоо менен башкалардан айырмаланган кишилер. Пайгамбардын эң жакын жолдошу Абу Бакр Сыддык ал убакты: «Эшикке чыксак үйгө кайтып кирерибизге, үйгө кирсек эшикке аман чыгарыбызга ишенбей калган учур болчу», – деп эскерет.

Алгачкы сахабалар Ислам динине каршы чыккандардан запкы көргөн, ошондой болсо да, динден кайткан эмес. Элден бөлүп, азык-түлүк сатпай, эч ким менен сүйлөштүрбөй койгон учурларга да чыдашкан. Натыйжада бул оор абал үч жылга созулуп, сахабалар ачарчылыктан катуу жапа чеккен.

Меккеде тынчтык болбогон соң, мусулмандар Медина шаарына көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Алардын көбү үй-жайын, мал-мүлкүн таштап, түнкүсүн жашырынып кеткен. Себеби каршылаштары алардын жанында жашаганын да, башка жакка көчүп кеткенин да каалаган эмес. Аларды кокус кармап алышса, өлтүрүп коюудан да баш тартышпайт болчу.

## Алгачкы сахабалар

Ислам динин биринчи кабыл алып, пайгамбарга эң биринчи ишенип, аны колдогон жубайы Хадижа болгон. Мухаммед пайгамбар биринчи жолу Жебреилге жолугуп, андан пайгамбар экенин угуп, эмне болуп кеткенин түшүнбөй турганда, Хадижа: «Алла сени эч качан жер каратып таштап койбойт. Анткени сен туугандыкка бекем, туура сөзгө так, жарды-жалчыдан жардамыңды аябаган кайрымдуу, конок келсе кубанган меймандос, кара кылды как жарган калыс жансың», – деп кубаттаган.

Ислам динин кабыл алган экинчи сахаба – пайгамбардын жакын тууганы Али. Али ал кезде он жашар бала эле. Ал Мухаммед пайгамбардын үйүндө жашап, андан жакшы таалим-тарбия алгандыктан, пайгамбардын алдыңкы сахабаларынан болгон.


Андан кийин Абу Бакр Сыддык Исламды кабыл алган. Ал ага чейин эле тууралыкты жакшы көргөн, адептүү, адилеттүү, билимдүү жана акылдуу киши болгон. Меккенин эли анын сүйлөсө сөзүн сыйлачу, жасаса ишин жактырчу. Пайгамбар ал тууралуу: «Мен динге чакырганда Абу Бакрдан башкалары бир аз да болсо ойлонуп, шектенип туруп калчу. Абу Бакр болсо ойлонуп да, шектенип да турбай динди дароо кабыл алды», – деп айткан.

Ошентип, биринин артынан бири келип отуруп, кыйла киши мусулман болуп, сахабалардын саны арбыган.

## Мединага көчүү

Меккедеги мусулмандардын душмандары пайгамбар тууралуу жалган кептерди таратып, элди динге чакыруусуна тоскоол болушкан. Акыры алардын кылыгы чектен чыга баштаганда, сахабалар Медина шаарын көздөй көчүп жөнөшкөн.

Чынында мединалык сахабалар берген убадасын аткарышкан. Пайгамбар Меккеден көчө элек кезде алардан бир



канча киши менен тымызын келишим түзгөн. Ал келишимде мединалык сахабалар Мухаммед пайгамбарды кандай абал болбосун коргоого убада беришкен. Кийин алар ушул убадасын толугу менен орундатып, пайгамбарды ички да, сырткы да душмандардан коргоп алышкан.

Меккеден Мединага көчүп барган сахабалар «мухажир» (жер которуучу, көчкүн) деп аталса, мединалык сахабалар «ансар» (жардамчылар, көмөкчүлөр) деп аталат.

Ансарлар мал-мүлкүн, үй-жайын Меккеге таштап көчүп келген мухажирлерди кучак жайып тосуп алышкан. Болгон байлыгын тең бөлүп, жарымын мухажирлерге берем дегендер да болгон. Меккелик каапырлар Исламды жок кылыш үчүн Мединага келгенде да алар жан аябай кармашып, боордоштук ынтымактын үлгүсүн көргөзүшкөн.

Ислам дини Мединада күч-кубатка жетип, Мекке мусулмандардын колуна өткөндө көптөгөн меккеликтер Ислам динин кабыл алышкан. Андан сырткары Мекке менен Мединанын айланасында жашаган көчмөн уруулар да мусулман болгон. Ошентип, сахабалардын катары калыңдап, жүз миңдеген кишиге жеткен. Бирок булардын баары Мекке менен Мединада эле жашап кала берген эмес. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин, алар дин жеткирүү үчүн дүйнө жүзүнө тарап кетишкен. Алар барган жеринде ар кандай кесиптерди аркалоо менен элге аралаша жашап, динди иш



жүзүндө көргөзүп үйрөтүшкөн. Кыргыз жергесине да Ислам динин таратуу үчүн сахабалар келгени айтылат. Буга Ноокат районундагы Сахаба деген жерди мисал кылсак болот. Эл оозунда ошол жерде сахабалар жашап өткөн деген кеп бар.

Мухаммед пайгамбар сахабаларын өтө урматтаган. Ал «Сахабаларым көктөгү жылдыздар сыяктуу. Алардын кимисин ээрчисеңер да туура жолду табасыңар» деп айткан.

Сахабалар пайгамбарды көрүп, анын ар бир иш-аракетинен, ар бир сөзүнөн үлгү алып жашаган. Жадагалса, Алланын элчиси бут кийимин чечсе, сахабалар да дароо аны туурап бут кийимдерин чечишкен. Алар: «Биз эч нерсе билбей жүргөндө Алла Таала бизге азирети Мухаммедди пайгамбар катары жиберди. Ал бир ишти кандай жасаганын көрсөк, биз аны так ошондой жасачубуз», – деп айтышкан. Пайгамбар бир жолу четке каккан ишти эч ким кайра кайталачу эмес. Алар Алланын элчиси берген тапшырманы аткарууга жан-дили менен даяр турушкан.

Сахабалардын арасында ар кайсы элдин өкүлдөрү да болгон. Буга эфиопиялык Билалды, византиялык Сухайбды, персиялык Салманды, жөөт элинен Абдулла ибн Саламды жана башкаларды мисал кылып айта алабыз.

Ошол эле маалда сахабалар эмгекчил, аракетчил, кайрымдуу болушкан. Алар башка бирөөдөн суранганды жактырышчу эмес. Керек болсо колунан түшүп кеткен камчысын да өзү аттан түшүп алчу. Алар күнүмдүк жашоосунда ар кандай кесиптерди аркалашкан.

Мындан тышкары пайгамбардан таалим-тарбия алып, насаат сөздөрүн жаттап калуу үчүн анын жанынан чыкпай жашаган сахабалар да болгон. Алар Исламда асхабы-суффа деп аталат. Мындай сахабалардын сап башында эң көп хадис билген Абу Хурайра турат.

## Пайгамбардын төрт халифи

Пайгамбар өзүнөн кийинки мусулмандардын башчылары тууралуу так айткан эмес. Башчысыз мамлекетти, жетекчисиз бирдиктүүлүктү элестетүү кыйын. Ошондуктан пайгамбардан ажыраган сахабалар бир муштумдай түйүлүп, өз ара биримдикти сактап, халифтерди шайлап келишкен.

Мухаммед пайгамбардан кийинки мусулман башчылар халиф деп аталат. Ислам тарыхындагы эң алгачкы төрт халиф жөнүндө кыскача маалымат:


1. Абу Бакр Сыддык. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин эки жыл халифтик кылган сахаба. Куранды алгачкы жолу китеп түрүндө чогултуп жаздырган.
2. Умар бин Хаттаб. Мусулмандарды 10 жыл башкарып турган экинчи халиф. Умардын убагында ислам мамлекетинин аймагы укмуштуудай кеңейген.
3. Осмон бин Аффан. Умардан кийин 12 жыл халифтик кылган үчүнчү халиф. Куранды көп нускада жаздырып көбөйткөн.
4. Али бин Абу Талиб. Беш жыл башкарып турган төртүнчү халиф. Ички жана тышкы душмандарга каршы ийгиликтүү күрөш жүргүзгөн.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Сахабалар деген кимдер? Кандай кишилерди сахаба десек болот? Сахабалар качан жашаган? Азыркы учурда сахабалар барбы?
2. «Алла сени эч качан жер каратып таштап койбойт. Анткени сен тууғандыкка бекем, туура сөзгө так, жарды-жалчыдан жардамыңды аябаган кайрымдуу, конок келсе кубанган меймандос, кара кылды как жарган калыс жансың», – деген сөздөр кимге таандык жана кимге багышталып айтылган?
3. «Биз эч нерсе билбей жүргөндө Алла Таала бизге азирети Мухаммедди пайгамбар катары жиберди. Ал бир ишти кандай жасаганын көрсөк, биз аны так ошондой жасачубуз». Бул айтылгандарга комментарий бергиле.
4. «Чыныгы мусулман – башка мусулмандарга тилинен жана колунан зыян тарттырбаган адам». Мунун маанисин чечмелеп көргүлө.

III БӨЛҮМ

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ХАНАФИЙ МАЗХАБЫ ЖАНА МАТУРИДИЙ ИШЕНИМИ



# § 9. Имам Аазам жана Ханафий мазхабы

? Мазхаб деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

## Имам Аазам – Абу Ханифа

Ханафий мазхабынын негиздөөчүсү – имам Аазам. Ал илимий чөйрөдөгү жетишкендиктеринин натыйжасында «имам Аазам – Улуу имам» деген элдик наамга ээ болгон. Аны «Абу Ханифа» деген ылакап ат менен чакырышкан. Өзүнүн аты Нуман ибн Сабит ибн Зута ибн Мах аль-Куфий.

«Абу Ханифа» деген сөз «Ханифанын атасы» деген маанини туюндурат. Имам Аазамдын эмне себептен Абу Ханифа деген ылакап атка ээ болгондугу көпчүлүктү кызыктырат, бирок анын өмүр баянын баяндаган булактарда так маалымат жокко эсе.



Имам Аазам хижрий (мусулман) жыл санагы боюнча 80-жылы, ал эми миладий (григориан) жыл санагы боюнча 699-жылы Омеяд өкүмдарларынан Абдул-Малик ибн Марвандын заманында Ирактын Куфа шаарында туулган.

Имам Абу Ханифанын ата-бабалары Сасаний мамлекетинде мамлекеттик жогорку кызматтарда иштеп, валилик (губернатор, аймак башчысы) кызматтарды аркалагандыгы тарыхый булактарда жазылган. Чоң атасы Кабул тараптан Иракка жер которуп келген. Ал өмүрүнүн элүү эки жылын омеяддар, калган он сегиз жылын аббасиддер доорунда жашап өткөргөн.

Нуман ибн Сабит жеткинчек курагында эле Ыйык Куранды толугу менен жаттап алган. Ал имам Шаабинин кеңеши жана жардамы менен илим жолуна түшкөн.

**Муну билип алалы:**

Шааби аттуу аалымдын имам Аазамды илим алууга шыктандырганы мындай деп баяндалат: «Күндөрдүн биринде Шаабинин жанынан өтүп бараткам. Мени чакырды да, мага: «Каякка баратасың?», – деди. Мен: «Базарга», – дедим. Ал болсо: «Аны назарда тутканым жок, аалымдардан кимдин сабагына катышып жатасың?», – деди. Мен: «Эч кимисинин», – деп жооп бергенимде, Шааби: «Илим жана аалымдар менен көрүшүп турууну эч качан калтырба. Мен сенде өтө курч зээн жана парасат бар экенин көрүп жатам», – деди. Анын бул сөздөрү менин дилимде жакшы таасир калтырды. Сооданы таштап, илим жолуна түшүп кеттим».

Имам Аазам адегенде калам (калам – ислам илимдеринин тармагы катары, акыйда маселелери боюнча диалектикалык ой жүгүртүү аспекттерин изилдеген илим) илимин окуп, өздөштүргөн. Имам Аазамды илимдин бул тармагы менен алектенүүгө түрткөн эки фактор болгон. Биринчиси – ошол кездеги Кудайды жокко чыгаргандар (атеисттер)

менен иштөө; экинчиси – Кудайды таанып-билүүдө жаңылыштык кетиргендер менен талкуу жүргүзүү.

Бирок Абу Ханифа көп өтпөй, калам илимин токтотуп, фикх (фикх – ислам укугу боюнча ислам илимдеринин тармагы) илимин изилдөөгө өткөн. Абу Ханифанын алгачкы шакирти Абу Юсуфдун берген маалыматы боюнча, Абу Ханифа фикх илимине киришкенге чейин ислам илимдеринин дээрлик бардык тармактарын өздөштүрүп чыккан.

Абу Ханифа убактысынын көбүн илим таратууга арнап, китеп жазган эмес. Бирок анын оозеки сабактарын шакирттери жазып алып турушкан. Ошондой болсо да, имам Аазамдын өзүнө таандык төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Аль-Муснад (Муснаду Абу Ханифа). Имам Абу Ханифа (ра) өзү издеп тапкан хадистерди – фикх илиминин практикалык нормаларын иштеп чыгууда колдонгон хадистердин жыйнагы. Бул эмгек анын шакирттери тарабынан жазылган. Кээ бир булактарда бул эмгек «Китаб аль-асар» деп да айтылат.

2. Аль-Фыкх аль-акбар. Акыйда маселелери тууралуу көз караштары кыска өңүттө берилген. Бул чакан эмгекке



кийинчерээк башкалар тарабынан комментарийлер жазылган. Бул баа жеткис эмгек чакан болгондугуна карабастан, ага ишеним негиздери толугу менен камтылган. Кийин калам жана акаид аалымдары өз эмгектерине мына ушул китепти негиз катары колдонушкан. Бул китеп Абу Мути аль-Хакам аль-Балхи тарабынан бир канча нускаларга көбөйтүлүп, дүйнө жүзүнө тараган.

3. Аль-Фикх аль-абсат. Бул эмгек дагы акыйда (ишеним окуусу) маселесине арналган. Эмгек имам Абу Ханифанын уулу Хаммад менен окуучулары Абу Юсуф жана Абу Мути аль-Хакам аль-Балхи тарабынан сакталып, биздин доорго чейин жеткен.

4. Аль-Аалим валь-мутааллим. Ахлу сунна валь-жамааттын көз караштарын түшүндүрүү жана коргоо максатында суроо-жооп таризинде жазылган акаид илимине тиешелүү эмгек. Бул эмгектин бизге чейин жетишине Абу Мукатил Хафс ибн Салам ас-Самарканди себеп болгон.

5. Ар-Рисала. Имам Абу Ханифанын ошол кездеги Басранын казысы Осмон аль-Баттиге кайрылып жазган эмгеги (каты). Анда өзүнө багытталган бир топ курулай жалааларга жооп берген. Ошондой эле муфассир Мукатил ибн Сулайманга кайрылып жазган дагы бир «ар-Рисала» аттуу эмгеги бар.

6. Аль-Васийя. Ишеним маселелери кыска таризде чагылдырылган чакан эмгек. Муну имам Аазам көз жумарына жакын калганда осуят катары айтып жаздырган.

Имам Аазамдын ибадат кылуудагы астейдил мамилеси жөнүндө Хатиб Багдади мындай деген: «Имам Абу Ханифа кырк жыл бою бардык багымдат намаздарын куптан намазындагы даараты менен окуган. Яхья аль-Химмани атасынан уккан маалыматты минтип айтып берген: «Бир жылдай Абу Ханифа менен жолдош болуп жүрдүм. Ал дайыма күндүзү орозо кармап, түнү ибадат кылчу. Ал эч качан шектүү тамак жебеди.

Имам Абу Ханифа өтө кичи пейил болгон. Бир күнү базарга бир адам келип: «Факих Абу Ханифанын дүкөнүн издеп жүрөм», – дейт. Аны уккан имам: «Ал факих эмес, болгону арга жоктон өкүм берген муфтий гана», – деп дароо өзүнүн кичи пейилдүүлүгүн көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, имам Аазам такыбалыкты өзүнүн жашоосунун башкы максаты катары койгон. Ал падышалар, султандар берген белектерди алган эмес жана мамлекеттик казынага көз артпаган адам болгон. Адал жана арам маселелерине аябагандай кылдаттык менен мамиле жасаган. Өзү соодагерчилик менен алектенип, өз колу менен адал жолдон ырыскысын табууну жолго койгон. Бир ирет кызматчысы кемчилиги бар буюмду катардагы баада саткандыгын билип калып, ошол түрдөгү буюмдардан түшкөн кирешенин бардыгын бей-бечараларга садака катары таратып берген. Ошондуктан элдин бардыгы аны сыйлап, урматтаган. Илим алууга өзгөчө маани берген. Бош убактысынын бардыгын илим үйрөнүүгө жана аны башкаларга үйрөтүүгө жумшаган. Илимди материалдык жактан пайда көрүү үчүн колдонгон эмес. Тескерисинче, колундагы материалдык мүмкүнчүлүктөрдү илимдин жайылуусу үчүн каржылаган. Аз камсыз болгон аалымдарга материалдык жардам көрсөткөн. Каражаты жоктугунан окуй албаган окуучуларга жардам берип, аларды үй-бүлөсү менен камкордукка алып, жатак жана азык-түлүк менен камсыздаган. Имам Аазам мусулман жыл санагы боюнча 150-жылы (миладий жыл санагы боюнча 767-жылы) 70 жаш курагында Багдадда көз жумган.

## Ханафий мазхабы

Ханафий мазхабы башка диний-укуктук мазхабдарга караганда дүйнө жүзүнө эң кеңири таралган. Дүйнө мусул-


мандарынын басымдуу бөлүгүнүн күнүмдүк диний-практикалык турмушу Ханафи мазхабына негизделген. Ал эми Борбордук Азияда, Түркияда, Жакынкы Чыгышта, Балканда жана башка өлкөлөрдө Ханафий мазхабын массалык түрдө карманышат. Айрым учурларда башка мазхабдын өкүлдөрү да убактылуу Ханафий мазхабы иштеп чыккан уникалдуу нормаларды тутунушат.

Ханафий мазхабы мусулман жыл сынагынын II кылымынан тартып, адегенде Аббасиддер мамлекетине, андан соң Ирак, Иран, Мавераннахр, Хорасан, Түркия, Саманиддер, Караханиддер, Газневиддер, Селжуктар, Хорезмшахтар, Мисирдеги Айюбиддер, Мамлюктар, Темурийлер, Бабурийлер, Шайбанилер мамлекеттеринде, Кокон хандыгында жана Осмон империясында расмий мазхаб катары кабыл алынып, өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн.

Селжуктардын башкы вазири Кожо Низамулмүлктүн (1018–1092) коргоосу астында Мавераннахр чөлкөмүнө Шаафий мазхабы бир аз тарап, ханафийлик менен атаандашкан болсо да, Абу Захранын пикири боюнча, мындай атаандашуу жалаң фикхий-укуктук көз караштардын айланасында чектелип, фикх илиминин өнүгүүсүнө себеп болгон жана андан эч кандай душмандык же көрө албастык келип чыккан эмес.

Азыркы күндө ханафийликтин географиялык алкагы Борбордук Азия өлкөлөрүнөн баштап Кытай, Афганистан, Пакистан, Индия, Иран, Ирак, Аравия, Оман, Мисир, Алжир, Тунис, Марокко, Түркия, Индонезия жана башка мусулман өлкөлөрүнө чейин кеңейген.

Түндүк Африка мамлекеттеринде (Тунис, Алжир, Марокко) ханафийлердин саны көп болбосо да, бул мазхабдын аалымдары аябай сый-урматка ээ. Себеби Тунистин борборунда Ханафий мазхабы өзгөчө орунда турат. Изилдөөчүлөрдүн айтуусуна караганда, бул жерде Ханафий мазхабынын ардактуу муфтийлери моралдык жетекчилик



Ханафий мазхабы таралган өлкөлөрдү дүйнөлүк картадан белгилегиле.

макамында туруп, «шайхул-Ислам» наамы менен аталышат. Ханафий мазхабын кармангандар Индияда 48 миллионго жетет. Түштүк Америка жана Бразилияда 25 миллионду түзөт.

**Эске тут:**

Ханафий мазхабынын негиздөөчүсү – имам Аазам. Илимий чөйрөдөгү жетишкендиктерине жана илимий бийик ордуна байланыштуу «имам Аазам – Улуу имам» деген элдик наамга ээ болгон. Аны «Абу Ханифа» деген ылакап ат менен чакырышкан, өзүнүн аты Нуман ибн Сабит ибн Зута ибн Мах аль-Куфий.

Имам Аазам такыба болгон. Ал бирөөнүкүнө, өзгөчө мамлекеттик казынага көз арткан эмес. Өзү соодагерлик менен алектенип, өз колу менен адал оокат кылган. Ошондуктан элдин баары аны сыйлап, урматтаган. Бош убактысынын баарын илим үйрөнүүгө жана аны башкаларга үйрөтүүгө жумшаган. Илимди материалдык жактан пайда көрүү үчүн колдонгон эмес. Аз камсыз болгон аалымдарга, окуучуларга материалдык жардам көрсөткөн.

Ханафий мазхабы башка диний-укуктук мазхабдарга караганда дүйнө жүзүнө эң кеңири таралган. Дүйнө мусулмандарынын басымдуу бөлүгүнүн күнүмдүк диний-практикалык турмушу Ханафий мазхабына негизделген. Ал эми Борбордук Азияда, Түркияда, Жакынкы Чыгышта, Балканда жана башка өлкөлөрдө Ханафий мазхабын массалык түрдө карманышат. Айрым учурларда башка мазхабдын өкүлдөрү да убактылуу Ханафий мазхабы иштеп чыккан уникалдуу нормаларды тутунушат.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Имам Аазам ким болгон?
2. Абу Ханифа убактысынын көбүн эмнеге жумшаган?
3. Имам Аазамдын мыкты сапаттарын атап бергиле.
4. Ханафий мазхабы жөнүндө эмнелерди билесиңер?

# § 10. Ханафий мазхабынын өзгөчөлүктөрү

? Ханафий мазхабынын башка өлкөлөрдө жайылышынын негизги себептери эмнеде?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***фикх, өзгөчөлүк, ыкма***

## Фикхтын функциясы


Ханафий мазхабы фикх (укук) илимине негизделген. Ал эми фикх илими шариятка негизделген. Шарият – Исламдын өзгөчө негизи. Ал үч бөлүктөн турат: акыйда (ишеним), фикх (укук) жана руханий ихсан (аруулук). Фикх (ислам укугу) дагы үчкө бөлүнөт: биринчиси – ибадат (Жаратканга байланыштуу укук-милдеттик нормалар); экинчиси – муамалат (мусулмандардын арасында пайда болгон мамилелер); үчүнчүсү – укубат (кылмыш-жаза).

Имам Аазам – Абу Ханифанын окуулары – коомчулук туш болгон суроо-талаптарга жооп издөөнүн негизинде иштелип чыккан диний укуктук нормалардын жыйындысы. Коомчулукка күнүмдүк жашоосунда керектелүүчү суроолордун жоопторун Ханафий мазхабы таап берип турган. Өзгөчө коомчулуктун күнүмдүк жашоо-тиричилик, алыш-бериш, практикалык мамилелериндеги Ханафий аалымдары иштеп чыккан практикалык укуктук нормалар дүйнө жүзү боюнча өзгөчөлүккө ээ болгон.

Имам Аазам жана анын шакирттери адамдардын күнүмдүк жашоо-тиричилигиндеги укуктук маселелерди чечүүдө окшоштуктун (кыяс) жана артыкчылыктын (истихсан) рационалдык принциптерин колдонуу методологиясын иштеп чыгышкан. Ошондой эле мыйзам чыгаруу булакта-

рынын бири катары адат (үрп-адат) укугунун нормаларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн жакшы жолго коюшкан.

Имам Абу Ханифанын конкреттүү укуктук нормаларды иштеп чыгуудагы методологиясынын өзгөчөлүгү кандайдыр бир маселе боюнча чечим кабыл алууда атайын принциптерге таянгандыгында. Бул жаатта аны айыптагандардын бул принциптер тууралуу түшүнүгү жоктугун байкоого болот. Мисалы, имам Абу Ханифа күчтүү далилдерге каршы келбей турган ишенимдүү адамдар жеткирген көрсөтмөлөрдү эске алган. Имам Аазам хадистерди ислам укугунун бардык булактарын кылдат изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан жалпы негиздерге ылайык баалаган. Эгер хадистер жогорудагы негиздерге карама-каршы келсе, анда ал эки далилдин күчтүүсүн тандап алган. Жогоруда айтылган далилдин күчтүүсүнө артыкчылык берүү менен бүтүм чыгарган. Абу Жаафар Ахмад ибн Мухаммед ат-Тахавинин (853–935-жж.) «Шарху маани аль-асар» аттуу эмгегинде бул темада көптөгөн мисалдар бар. Бул жерде сахих хадистер жөнүндө маселе жок. Тескерисинче, улуу имамдын пикири боюнча, экинчи жана алсыз болгон хадистерге карата кылдат мамиле жасаган. Себеби фикх илиминде укуктук-диний бүтүм чыгаруу үчүн хадистин аныктыгы маанилүү.



Ошентип, имам Аазамдын көптөгөн хадистерди билиши фикхтын ар кандай бөлүмдөрүндө келтирген далилдеринен билинет. Бул хадистер анын көрүнүктүү шакирттери жана башка хадис аалымдары тарабынан чогултулган көптөгөн илимий эмгектерде кездешет. Мисалы, «Хадис таануу» менен «фикх» илиминин байланышы Ханафий мазхабында ачык байкалат. Ошентсе да, ханафийлерге карата алар өз чечимдеринде хадиске аз таянат деген айыптоолор бар экенин белгиледик. Анан да кошумча белгилей кетүүчү нерсе, ханафий аалымдары «аль-Жамиъ аль-Сахих» аттуу хадис китебине өзгөчө маани бергендиктен, жогоруда айтылган жыйнактагы хадистин түшүндүрмөсү боюнча жүздөгөн эмгектерди жаратышкан.

Ошондой эле имам Аазам – Абу Ханифа фикхты акыйда менен адеп-ахлак нормаларынан ажыратпастан, бүтүндөй динди түшүнүүнү эске алган. Кийинчерээк фикхтын өзүнчө илим катары калыптанышы менен илимпоздор ага дагы так жана деталдуу аныктама беришкен. Мисалы: «Фикх – негизги далилдерге таянган практикалык диний-укуктук нормаларын баамдап билүү». Башка бир аныктамага ылайык, фикх – негизги аргументтерге таянып сыйынуу, мамилелер жана жазалар сыяктуу практикалык диний укуктук нормаларды түшүнүү. Жыйынтыктап айтканда, Ханафий мазхабы – фикх илими жөнүндөгү диний укуктук мектеп.

## Ханафий мазхабынын ыкмалары

Ханафий факих-аалымдары ислам укугунун өнүгүшүнө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн чоң хадистик материалды (булактык, санжыралык жана ишенимдүүлүк даражаларына жараша) кодификациялоого жана системалаштырууга жетишкен. Ханафий мазхабынын уникалдуулугу ханафий укукчу-аалымдарынын Исламдын консервативдүү жоболорунун чегинде, диний-укуктук нормаларды толук кандуу

өнүктүрүү үчүн дедукция ыкмасын колдоно алышкандыгында. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, дедуктивдик ыкманын жардамы менен ханафий факихтери – Исламдын консервативдүү негиздерин сактоо үчүн – Исламдын ичиндеги көптөгөн багыттардагы бидаат (жаңычыл-тескери) окууларды четке кагууга жетишкен.

Абу Ханифанын методологиясынын дагы бир өзгөчөлүгү интерактивдүү ыкманы колдонгондугунда. Ал өзүнүн окутуу ыкмасында фикх боюнча жаралган маселени шакирттеринин ортосунда талкуулап, ар бирине бул маселе боюнча оюн айтууга мүмкүндүк берген. Мындай активдүү ыкманын таасири астында аудитория кадимкидей жанданып, уу-дуу түшкөнгө чейин барган. Бир эле маселе өзүнүн так жана аргументтүү жообун тапканча күн тартибинен алынган эмес. Натыйжада айрым татаал маселелер айлап изилдөөгө алынган.

Терең изилдөө учурунда айтылган пикирлер боюнча талкуулардын бирдиктүү тыянагы чыккан. Имам Абу Ханифа акыркы жыйынтыкты аларга жарыялаган жана аны



окуучулары жазып калтырган. Кызыгы, имам Абу Ханифанын мындай демократиялык методу кээде шакирттеринин ага кайчы пикирлерде болушуна шарт түзгөн. Ошентип, имам Аазамдын пикири олуттуу болгону менен, башка кайчы пикирлер да жазылган жана аргументи күчтүү пикирге фатва (бүтүм) берилген.

Ханафий мазхабы пайда болгондон баштап эле насаат, пикир алмашуу жана аларды талкуулоо принцибине негизделген жамааттык мазхаб түрүндө калыптанган. Бул диний-укуктук мектептердин төртүнчүсүнүн негиздөөчүсү имам Маликтин усулунан түп-тамыры менен айырмаланат. Анткени ал шакирттерине суроолорду жана шарият нормаларын өзү айтып берген. Шакирттери анын сөздөрүн талкуулаган эмес жана аны менен талашууга барган эмес.

Ошондуктан имам Абу Ханифанын шакирттери анын көзү тирүү кезинде эле дасыккан диний укук таануучулар болуп калыптанган. Имам Абу Ханифа шакирттерин өз алдынчалуулукка, жекече ой жүгүртүү жана жекече изилдөө жөндөмдөрүнө жаңы үйрөнүп жаткан кезинен эле тарбиялаган.

Жыйынтыктап айтканда, имам Аазам – Абу Ханифанын мындай кайталангыс, уникалдуу окуулары жана ыкмалары бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу бойдон калууда. Ошондуктан бүгүнкү күндө да жыл сайын миңдеген фатва (диний-укуктук бүтүм) чыгарган аалымдардын көбү Ханафий мазхабынын өкүлдөрү экенин баса белгилөөгө болот.

**Муну билип ал:**

Ханафий укуктук мектеби өзгөчө соода-финансы, социалдык-экономикалык, үй-бүлөлүк мамилелерде жана кылмыш-жаза укугунда таамайлыгы, үрп-адаттагы синкреттик тил табышуу ийкемдүүлүгү менен башка диний-укуктук мазхабдардан айырмаланат.

## Эске тут:

- Шарият
  - Ислам
  - Ыйман
  - Ихсан
- Фикх
  - Ибадат
  - Муамалат
  - Укубат
- Өзгөчөлүгү
  - Кыяс
  - Истихсан
  - Урф
- Ыкмалары
  - Дедукция
  - Интерактивдүү

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Имам Аазам жана анын ишмердүүлүгүн айтып бергиле.
2. Ханафий мазхабы кандай принциптерге негизделген?
3. Фикх деген эмне?
4. Диний укуктук мектептердин негизги окуусу жана милдети эмне болгон?

# § 11. Ханафий мазхабынын Кыргызстандын аймагына таралышы

**?** Ханафий мазхабынын Кыргызстанда таралышынын себебин аныктагыла.

## Ханафий мазхабынын алгачкы таралуу тарыхы

Абу Ханифанын көз караштарынын азыркы Кыргызстандын түштүк аймагына жайылуусу алгач балхтык (Афганстан тарап) аалымдар аркылуу VIII кылымдын экинчи жарымынан эле башталган.

IX кылымдын биринчи жарымында Абу Ханифанын окуусун Бухарага алгачкылардан болуп алып келген факих-аалым Мухаммед ибн Хасан ибн аль-Шайбанинин көрүнүктүү шакирттеринин бири Абу Хафс Ахмад ибн Хафс аль-Кабир аль-Бухари (767–832-жж.) болгон.

X кылымдан тартып Ислам дининин чыгыштагы илимий борборуна айланган Самарканд жана Бухарадан кийинки илимий борбор Фергана болгон. Алгачкы учурлардагы ханафий аалымдары Самарканд жана Бухарадагы ханафий медреселеринде таалим алышкан. Фергана аймагында да Ханафий мазхабынын таралуусунда жана өсүп-өнүгүүсүндө белгилүү бир деңгээлде ошол учурдагы саясий кырдаалдын таасири бо-


Имам Абу Хафс Ахмаддын күмбөзү.

лушу мүмкүн. Анткени оболу саманиддер, андан соң караханиддер Ханафий мазхабын мамлекеттин расмий мазхабы катары кабыл алып, казылык жана башка диний кызматтарга ханафий аалымдарын дайындап турган.

Ошентип, орто кылымдарда Ханафий мазхабынын мавераннахрдык канаты негизделген. Азыркы Кыргызстандын аймагында Ханафий мазхабынын калыптанышына, таралышына жана өнүгүп-өсүүсүнө көптөгөн жергиликтүү көрүнүктүү илимпоздор зор салым кошкон.

Ош шаары кылымдарды карыткан тарыхый шаарлардан экендиги баарыбызга маалым. Орто кылымда жашаган белгилүү араб географы аль-Макдисий (Шамсуддин Абу Абдуллах Мухаммед ибн Ахмад ибн Аби Бакр аль-Макдиси, 990-ж.) жана фарсы географы Ибн Хурдазбих (Абул-Касим Убайдуллах ибн Абдуллах ибн Хордадбех, 913-ж.) өздөрүнүн эмгектеринде Ош шаары туурасында да кыскача маалымат калтырган. Аль-Макдисий Ош шаары Куба жана Аксыкеттен кийинки чек арадагы үчүнчү шаар экендигин жана ар тараптан дин аалымдары жыйыла турган чоң имараттын болгондугун билдирген. Ошол эле булакта Ош шаарындагы тоодон (Сулайман-Тоо) жергиликтүү элдин кыймыл-аракеттери көзөмөлдөнгөндүгү тарыхый булактарда жазылган.

## Ош шаарынан чыккан аалымдар

Ош шаары орто кылымда саясий жактан да, илимий жактан да өзгөчө орунга ээ болгон. Ош шаарынан бир нече белгилүү ислам аалымдары чыкканын тарыхый булактар тастыктайт.

Алсак, Али ибн Осмон аль-Ошийдин тарыхый булактардагы толук ысымы Али ибн Осмон ибн Мухаммед ибн Сулайман. Аны Абу Мухаммед Сиражуддин аль-Оший аль-Ханафий деп да аташкан. Себеби Абу Мухаммед Сиражуддин



аль-Ошийдин илими замандаш аалымдар арасында жогору баалангандыктан, ага «Сиражуддин – Диндин чырагы» «Имам», «Аллама» жана «Мухаккик» деген элдик наамдар ыйгарылган.

Сиражуддин аль-Оший фикхте жана акыйдада белгилүү ханафий аалымы болуп саналган. Тафсир, хадис илимдери менен биргеликте адабият жана поэзия менен да алектенген. Тарыхый булактарда 1173-жылы (мусулман жыл санагы боюнча хижрийдин 569-жылы) каза болгону жазылган.

Али ибн Осмон аль-Оший (Сиражуддин аль-Оший) жашаган мезгилде араб тилине басым жасалгандыктан, ал өз эмгектерин араб тилинде жазган. Али ибн Осмон аль-Ошийдин жазган эмгектеринин арасынан диний чөйрөдө бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой, медреселерде окутулуп жаткан *«Бадаул амали – Кыялдардын башаты» поэма-эмгегин атоого болот.* Бул эмгек Ислам дининин ахлу сунна акыйдасын (ишенимин) ичине камтып, поэзия жанрында 1173-жылы (мусулман жыл санагы боюнча 569-жылы) жазылганы тарых булактарында далилденген.

«Бадаул амали» эмгеги касыйда (ыр) түрүндө болгондуктан, жаттап алууга жеңил болгон. Бул эмгек кыска убакытта жалпы Ислам дүйнөсүнө жайылып, араб, фарсы жана түрк тилдеринде бир канча түшүндүрмөлөр жазылган. Түшүндүрмөлөр арасындагы эң белгилүүсү аль-Кари аль-Харавий (1605-ж.) тарабынан Меккеде 1601-жылы «Завал амалий» деген аталышта жазылган. Бул эмгек 1876-жылы Стамбулда, 1878-жылы Бомбейде, 1884-жылы Делиде басы-

лып чыккан. Ушунун өзү эле бул эмгектин канчалык баалуу экенин айгинелеп турат.

Өзгөн шаары Караханиддер доорунда түштүк региону боюнча саясий, маданий, илимий борбор болгон. Ибн Хурдазбих (Хордадбех 913-ж.) эмгегинде Өзгөндүн Оштон үч эсе чоң экенин жана эки шаардын аралыгы 7 фарсах (42 км.) болгондугун айткан. Х кылымда караханиддер Мавераннахрдын Фергана өрөөнүн каратып алган соң, Өзгөндү түштүк борборуна айландырганын белгилүү окумуштуу В. В. Бартольд тарыхый булактарда белгилеген. Өзгөн шаарынан ислам дүйнөсүнүн илимий, диний, маданий жактан өсүп-өнүгүүсүнө зор салым кошкон улуу ислам аалымдары чыккан.

## Өзгөн шаарынан чыккан аалымдар

Өзгөн шаарынан ислам дүйнөсүнүн илимий, диний, маданий жактан өсүп-өнүгүүсүнө зор салым кошкон улуу ханафий аалымдары чыккан. Алсак, Абу Бакр Мухаммед ибн Абу Сахл Ахмад ас-Сарахсий орто кылымда жашап өткөн Мавераннахр чөлкөмүнүн улуу Ислам ханафий аалымдарынан. Имам Мухаммед ас-Сарахсийдин өзүнүн ысымы «Мухаммед», элдик наамы «Шамсул-аимма – Имамдардын күнү», ылакап аты «Абу Бакр» болгон. Ал эми «Шамсул-аимма» деген элдик наам алгачкылардан болуп анын устазы, белгилүү ислам аалымы Халванийге (1056-ж.) берилген, ал Бухарада дарс окуган. Ошондой эле имам Сарахсийге «Имам», «Казы», «Аллама», «Факих», «Мутакаллим», «Мужтахид» деген элдик улуу илимий наамдар ыйгарылган. Анын толук аты тарыхый



булактарда шамсул-аимма Абу Бакр Мухаммед ибн Абу Сахл Ахмад ас-Сарахсий деп жазылган. Ал тарыхта чоң эмгектерди жараткан үчүн айрымдар аны Мавераннахр чөлкөмүндө Ханафий мазхабын түптөөчүлөрдүн бири деп эсептешкен. Демек, Абу Бакр Мухаммед ибн Абу Сахл Ахмад ас-Сарахсийди Ханафий мазхабынын мавераннахрдык канатынын негиздөөчүлөрүнүн бири деп атоого болот.

Имам Мухаммед Сарахсий зынданда отуруп, «аль-Мабсут» аттуу 30 томдон турган көлөмдүү эмгек жазган. Имам Мухаммед Сарахсий боштондукка чыккандан кийин калган өмүрүн Маргалаң шаарында өткөрүп, ошол жерде каза болгон. Бирок Мухаммед Сарахсийдин мүрзөсү Өзгөн шаарында экенин тарыхый булактар тастыктаган. 2012-жылы Түркия мамлекетинин Диянет Фонду Өзгөндөгү имам Сарахсийдин мүрзөсүнүн үстүнө жаңы күмбөз тургузган.

Өзгөн шаарынан чыккан дагы бир белгилүү факих-аалым Махмуд ибн Абдул-Азиз аль-Өзгөний (XII к.). Бул инсан тарыхта «Шайхул ислам» жана «Казыхан» деген такма аттар менен белгилүү. Имам Казыхандын илим чынжыры (санжырасы) имам Аазам – Абу Ханифага барары тарыхый булактарда жазылган.

Имам Казыхан бир нече илимий эмгектерди жана ханафий аалымдарынын эмгектерине түшүндүрмөлөрдү жазган. Алардын ичинен эң белгилүүсү – көлөмдүү «Фатава Казыхан». Имамдын төрт томдон турган бул эмгеги адамдардын күнүмдүк практикалык жашоосунда көп кездешкен маселелерди чечүүгө арналгандыктан, диний нормаларды иштеп чыгууда табылгыс эмгек. Имам Казыхандын бул эмгеги бир нече өлкөлөрдө басылган. Имам Казыхан мындан башка дагы мыкты эмгектерди жараткан. Тарыхый булактарда анын 1196-жылы 12-августта (мусулман жыл санагы боюнча 592-жылы Рамазан айынын он бешинде) көз жумгандыгы белгиленген.

Ошондой эле Ханафий укуктук мектебинин Кыргызстандын аймагында таралышына жогоруда аты аталган аалым-факихтер менен катар эле аймакта жайгашкан мек-


теп, медреселер да зор роль ойногон. Мындан сырткары Ханафий мазхабы укуктук маселелерге негизделгени менен, инсандын ички-руханий тарбиясы да көңүлдүн сыртында калган эмес. Бул жаатта мазхабга сопулук (суфийлик) аталышындагы руханий окуу кызмат кылган.

Кыргызстанда Ислам ДИНИНИН жайылышында дал ушул Ханафий мазхабынын Накшбандий сопулук руханий окуусу зор роль ойногон. Сопу-олуялардын кереметтери ошол мезгилдеги шаман-бакшылардын сыйкырларына үстөмдүк кылып, аларды сүрүп чыгарганын тарыхый булактар тастыктап турат.

**Муну билип ал:**

IX кылымдын биринчи жарымында Абу Ханифанын окуусун Бухарага алгачкылардан болуп алып келген факих-аалым Мухаммед ибн Хасан ибн аль-Шайбанинин көрүнүктүү шакирттеринин бири Абу Хафс Ахмад ибн Хафс аль-Кабир аль-Бухари (767–832-жж.) болгон.

**Эске тут:**




Абу Ханифанын көз караштары Фергана аймагына алгач балхтык аалымдар аркылуу VIII кылымдын экинчи жарымында тарай баштаган.



Ханафий мазхабын Бухарага факих-аалым Абу Хафс Ахмад ибн Хафс аль-Кабир аль-Бухарий алып келген.



Орто кылымдарда Ош шаарынан Али ибн Осмон аль-Оший сыяктуу факих-аалымдар чыккан.



Орто кылымдарга таандык Өзгөн шаарынан Мухаммед ибн Абу Сахл Ахмад аль-Сарахсий сыяктуу факих-аалымдар чыккан.

## Билимиңерди бышыктагыла:

1. Ханафий мазхабын Кыргызстандын аймагына алгач кимдер алып келген?
2. IX кылымдын биринчи жарымында имам Аазам – Абу Ханифанын окуусун Бухарага алгачкылардан болуп алып келген факих-аалым ким?
3. Ханафий мазхабынын мавераннахрдык канаты кайсы кылымдарда каякта негизделген?
4. Ханафий мазхабынын өнүгүп-өсүшүнө Ош жана Өзгөн шаарларынан чыккан аалымдар кандай салым кошо алышкан?
5. Имам Сиражуддин аль-Оший ким болгон?
6. Имам Мухаммед ас-Сарахсий ким болгон?
7. Имам Казыхан Ханафий мектебинин өнүгүшүнө кандай салым кошкон?

# § 12. Абу Мансур аль-Матуридий жана анын ишеним мектеби

Ишеним мектеби дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***калам илими, Матуридий калам мектеби***

## Баштапкы мезгил

Исламдын алгачкы мезгилинде мусулмандардын ишеними дээрлик бирдей болуп, ар кандай талаш-тартышты жараткан маселелер жокко эсе эле. Мындай бир өңчөйлүүлүктү бир нече факторлор шарттаган:

– Пайгамбардын тирүү экендиги. Мусулмандар тарабынан жаралган суроо-талаптар боюнча өз алдынча изденип, баш оорутпай эле түз пайгамбардан сурап алып турушкан;


– Мусулмандардын дээрлик басымдуу бөлүгү арабдар болуп, алар үчүн араб тилиндеги Курандын жана хадистин тексттерин түшүнүү кыйынчылык жараткан эмес. Башкача айтканда, алардын ишеними ыйык тексттерде айтылгандай болуп, алар бул жааттагы пайда болгон суроо-талаптарына ыйык тексттерден жооп таба алышкан. Ыйык тексттерди бурмалап башкача түшүнүү алар үчүн акылга сыйбас иш болгон;

– Исламга аргасыздан кирип калгандар жана динге душмандык каалагандар аз санда болгондуктан, олуттуу таасир жарата алышкан эмес.

Ислам дини аймактарга жайылып, динди кабыл алган улуттардын саны көбөйүп, ишеним жаатында объективдүү жана субъективдүү көйгөйлөр пайда боло баштаган. Себеби биринчиден, башка тилде сүйлөгөн элдер үчүн ыйык тексттерди туура түшүнүүнүн өзү чоң суроо жараткан.

Экинчиден, алардын арасында айрымдар Ислам динине карасанатайлык кылып, диний ишенимдерди бурмалоо аракеттерин баштап, белгилүү бир ийгиликтерге жетишкен. Жыйынтыгында жаңычыл агымдар пайда боло баштаган.

## Калам илими



Ислам акыйдасын изилдеген калам илими (калам – Ислам илимдеринин тармагы катары, акыйда маселелери боюнча диалектикалык ой жүгүртүү аспекттерин изилдеген илим) негизинен жаңычыл – туура эмес агымдар менен күрөшүүнүн натыйжасында пайда болгон. Бирок бул илимдин жаралуу тарыхы сахабалар мезгилинен эле башталган. Мисалы, улуу сахаба Абдулла ибн Аббас хавариждер агымы менен алардын ишеним боюнча талкуу жүргүзгөнү айтылат. Бул талкууда ишенимге байланыштуу саналуу гана маселелер козголгон.

Кийинчерээк тагдыр маселесинде ар түрдүү пикирлер көбөйгөндө суннит багытындагы төрт чоң мазхабдын биринин имамы Малик ибн Анас тагдыр тууралуу трактатын жазган. Бул трактат калам илиминдеги жеке маселени изилдеген алгачкы жазуу түрүндөгү эмгек болуп саналат.

Имам Аазам – Абу Ханифа (699–767-жж.) калам илимине таандык эмгек жараткан. Эмгектин аталышы «Фикх Акбар – Улуу Фикх». Анда, имам Малик жазган «Тагдыр» трактатынан айырмаланып, сунниттик көз караштa акыйда маселелери боюнча конкреттүү көрсөтмөлөр белгиленген.

## Матуридий калам мектеби

Бир доордо жашаган үч аалым – Абул Хасан аль-Ашарий (ө. ж. 324/935), Абу Жафар аль-Тахавий (ө. ж. 321/933) жана Абу Мансур аль-Матуридий (ө. ж. 333/944) тарабынан ишеним маселелери тереңдетилип изилденип, системалаштырылган. Убакыттын өтүүсү менен имам аль-Тахавий жана имам аль-Матуридий акыйда мектеби «Матуридия», Имам Ашаринин мектеби «Ашария» ысымдары менен калыптанып, ахлу-сунна валь жамааттын акыйда боюнча эки мектеби пайда болгон. Матуридий калам мектеби Ханафий мазхабынын калам илими боюнча укук улантуучусу деп тыянак чыгарууга болот.

Матуридий калам (акыйда) мектебинин негиздөөчүсү – Абу Мансур Мухаммед ибн Махмуд аль-Матуридий аль-Самаркандий. Ал азыркы Самарканддын Матурид айылында 893-жылы туулган. Имам Абу Мансур аль-Матуридий илимий чөйрөдөгү көрсөткөн мүнөзүнө жараша «Захид», «Имам», «Шейх», «Устаз», «Имамул-Худа», «Имамул-Мутакаллимин» жана «Мусаххиху ахли сунна» деген элдик наамдарга ээ болгон. Имам аль-Матуридийдин түрк тектүү экендиги тарыхый булактарда белгиленген.

Имам Абу Мансур аль-Матуридий мусулман жыл санагы боюнча 333-жылы (б. з. 944-ж.) каза болгон жана Самарканд шаарында жерге берилген. Ал коюлган көрүстөндүн аты Чокардиза деп аталып, 2005-жылы оңдоп-түзөтүлгөн.



Имам аль-Матуридийдин күмбөзү. Самарканд шаары.

Матуридий көз карашындагы ишенимдин Борбордук Азия аймагында жайылышы Саманиддер

(875–999-жж.) доорунда башталган. Саманиддер суннит тарапкерлери болгондуктан, ханафий илимпоздорун колдоп, аларды расмий кызматтарга коюшкан.

Матуридий акыйда мектеби X кылымдан ушул күнгө чейин көптөгөн мусулман элдери тарабынан кабыл алынып, кылымдарды карытып келет. Азыркы күндө азербайжандарды кошпогондо, түрк дүйнөсүнүн токсон пайызы Матуридий акыйдасын тутунат. Матуридий мектеби – ортодоксалдуу эң мыкты мектеп, усулдук ыкмасы уникалдуу.

## Акыл жана накыл концепциясы

Абу Мансур аль-Матуридий өзүнүн диалектикалык ой жүгүртүүсүндө акыл (логикалык ой жүгүртүү) менен накылдын (Куран жана сүннөттөн алынган далилдөө жолу) орто жолун тутунган. Абу Мансур аль-Матуридий мындай ыкма менен акыйдалык нормаларды иштеп чыгууда акыл менен накылдын ортосундагы тең салмактуулукту сактап, шариятка каршы келбеген маселелерде акылды (диалектикалык ой жүгүртүүнү жана акылга таянып интерпрета-



циялоону) колдонгон. Өкүмдөрдү интерпретациялоодогу мындай уникалдуу метод ошол учурда илим үчүн эбегейсиз зор табылга болгондуктан, кенен аудиторияны камсыздай алган. Бул өз кезегинде Матуридий мектебинин түптөлүшүнө зор салымын кошкон. Мисалы, Матуридий мектебинин көз карашы боюнча амал ыймандын курамдык бөлүгү болуп эсептелбейт. Себеби амал ыймандын курамдык бөлүгү эмес экенине Ыйык Куранда жана Сүннөттө жетишерлик аргументтер бар. Ошондуктан ыйманга кирүү үчүн ишенимин жүрөгү менен тастыктап, аны тили менен айтуу жетиштүү.

**Муну билип ал:**

Матуридий акыйдасы боюнча жүрөгүнө ыйман уялаган инсан намаз окубаса же башка ибадаттарды аткарбаса, муну менен эле динден чыкпайт. Анткени амал ыймандын курамдык бөлүгүнө кирбейт. Бирок намаз сыяктуу башкы ибадаттарды аткарбаган мусулман күнөөкөр деп таанылат.

Ошентип, жүрөгүнө ыйман уялаган инсан намаз окубаса же башка ибадаттарды аткарбаса, муну менен эле динден чыкпайт. Бирок күнөөкөр деп таанылат. Алла Таала кааласа, мындай пендесинин күнөөсүн кечирип коёт, кааласа, жазалайт. Мындай күнөөкөр пенде тозокто түбөлүк калбайт, жүрөгүндө ыйман болгондугуна байланыштуу Алла Таала аны жазалаган соң бейишке киргизишет. Ал эми амалды ыймандын курамдык бөлүгү деп эсептеген агымдардын көз карашында намаз окубай коюу менен динден чыгып калат. Албетте, бул туура эмес.

## Эске тут!

Ислам ишенимин изилдеген калам илими (калам – ислам илимдеринин тармагы катары акыйда маселелери боюнча диалектикалык ой жүгүртүү аспекттерин изилдеген илим) негизинен ушул еретиктик агымдар менен күрөшүүнүн натыйжасында ислам илимдеринин жаңы тармагы катары пайда болгон.


Матуридий калам (акыйда) мектебинин негиздөөчүсү – Абу Мансур Мухаммед ибн Махмуд аль-Матуридий аль-Самаркандий азыркы Самарканддын Матурид айылында 893-жылы туулган. Имам аль-Матуридийдин түрк тектүү экендиги тарыхый булактарда белгиленген.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Эмне үчүн Ислам дининин баштапкы мезгилдеринде ишеним маселелеринде көйгөйлөр болгон эмес?
2. Имам аль-Матуридий жаңычыл агымдар менен кантип күрөшкөн?
3. Калам илими кантип жана качан пайда болгон?
4. Имам Абу Мансур аль-Матуридий ким болгон?
5. Матуридий калам мектебинин көз карашы боюнча амал ыймандын курамдык бөлүгү болуп эсептелеби?

IV БӨЛҮМ

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН



# § 13. Кыргыз Республикасындагы мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусу

**?** Мамлекет менен диндин ортосундагы мамиле кандай болушу керек? Өз пикириңерди билдиргиле.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***мамлекет, дин, светтик мамлекет***

Мамлекет менен диндин байланыш түрлөрү ар кандай негиздер боюнча айырмаланышы мүмкүн: мамлекеттен динди ажыратуу принцибинин таанылышы, мамлекеттик диндин болушу же жоктугу, укуктук нормалардын иштеши, диндин коомдогу ролу.

Ушул негиздерге ылайык мамлекеттердин дин менен өз ара мамилесинин эки түрүн белгилесек болот: теократиялык жана светтик.

**Теократиялык мамлекет** – диндин үстөмдүгү орногон, шарият мыйзамына баш ийген мамлекет. Алар диний бирикмелердин таасири астында мамлекетти жана маданиятты түзүүдө негизги ролду ойнойт. Мамлекеттик бийлик органдары атеисттик көз караштарды таануу менен диний мекемелер жана динчилдер менен тыгыз кызматташат.

**Мамлекет** – белгилүү бир коомду кучагына алган саясий уюм; өз алдынча аймактык ээлиги, калкы жана аны башкаруу, коргоо, ошондой эле ага кызмат өтөө үчүн атайын түзүлгөн бийлик аппараты болот.

**Светтик мамлекет** – мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган мамлекет. Айрым мамлекеттерде конкреттүү бир дин мамлекеттик дин деп бел-

гиленбесе дагы, мамлекет светтик деп жарыяланганы менен, теократиялык мамлекеттик статусун сактап калат.

Кыргыз Республикасы – дин аралашпаган светтик мамлекет. Кыргызстанда мамлекет динге жана диний уюмдарга карата бейтарап жана калыс. Биздин мамлекет эч бир динге артыкчылык бербейт жана кандайдыр бир диний идеология жарандар үчүн милдеттүү катары саналбайт.

Дин мамлекеттик саясатка, мамлекеттик башкарууга аралашпайт, бирок саясаттан башка тармактарда мамлекеттик органдар менен өнөктөш мамиле түзө алат. Ошону менен бирге мамлекет ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндигин берет. Биздин мамлекет дин аралашпаган мүнөздө болгондуктан, эч ким өзүнүн диний же башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланбайт жана туткан дининин белгилери же анын жоктугу боюнча басмырланбайт.

Кыргыз Республикасында динге жана диний уюмдарга карата мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын принциптерине жана ченемдерине, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген башка эл аралык келишимдерге негизделет.



Кыргыз Республикасында дин жана диний уюмдар боюнча мамлекеттик саясат кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө, мамлекеттин эгемендигин жана элдин биримдигин сактоого багытталат, Кыргызстанда жашаган элдин диний, маданий, улуттук өзгөчөлүктөрүнө таянат.

Мамлекет конфессиялардын ортосундагы ынтымакты, ар кандай конфессиялардын жамааттарынын, ошондой эле дин тутунгандар менен тутунбагандардын ортосундагы өз ара сый мамилени орнотот.

Мамлекет диний уюмдардын, диний окуу жайлардын ишмердүүлүк жүргүзүү шарттарын жана алардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин белгилейт. Мамлекет тарабынан жөнгө салуунун тажрыйбасы жана мүнөзү ар кайсы өлкөдө ар башкача болушу мүмкүн, ал тарыхый, маданий, этникалык, саясий жана башка себептер менен шартталат.

Мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуунун ар кандай укуктук принциптери бар: ал диний уюмдар менен келишимге баруу; же аларды жоопкерчиликке тартуу; салыктардан бошотуу; диний уюмдардын ишине көмөк көрсөтүү; диний лидерлер менен кызматташуу ж. б.

Коомдун өнүгүшү үчүн жакшы таасир (руханий, маданий, социалдык ж. б. жактардан) тийгизген диний уюмдар менен мамлекет дайыма кызматташ болушу мүмкүн.

**Конфессия** (*confessio* латын сөзүнөн алганда «дин тутуу») – белгилүү бир диний багыттын алкагындагы дин тутуу өзгөчөлүгү, ошондой эле бир динге ишенгендердин бирикмеси.

Мисалы, Христианчылыкта ар кандай ишенимдерди колдонгон чиркөөлөр ар кандай конфессияларды түзөт. Сөздүн жалпы маанисинде «конфессия» термини белгилүү бир диндин ичиндеги белгилүү бир багыттын синоними болуп саналат.

Кыргыз Республикасында коомдун көпчүлүк бөлүгүн Ислам динин тутунгандар түзгөнүнө байланыштуу, мамлекет Ислам дини менен артыкчылыктуу кызматташат. Өлкөбүздө динге ишенгендердин көпчүлүк бөлүгү сунниттик Исламдын Ханафий мазхабын жана Православ Христианчылыгын тутунат.

Борбордук Азия элдери салттуу түрдө тутунган Ханафий мазхабы өзүнүн диний сабырдуулукту тутунгандыгынын натыйжасында ислам баалуулуктарын улуттук каада-салттарга карама-каршы койбогондугу, мамлекет менен өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн идеологиялык негизге ээ болгондугу менен Исламдын башка мазхабдарынан жана агымдарынан айырмаланып турат. Мунун өзү советтик мезгилде активдүү атеисттик пропагандага карабастан, салттуу Исламга өтүүдө мамлекет менен чыр-чатагы жок өнүгүүгө мүмкүндүк берди.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик-конфессиялык мамилелерди жана өлкөнүн ичиндеги улуттук коопсуздукту сактоо менен мамлекет Ханафий жана Матуридий ынанымдарынын диний-укуктук мектебинин негизиндеги сунниттик Исламдын салттуу формаларын чыңдоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт. Кыргыз Республикасынын жарандарынын көпчүлүгү туткан бул багыт этностук жана диний көп түрдүүлүк шартында диний сабырдуулукка, жакшы коңшулаштыкка, өз ара урмат-сыйга жөндөмдүү экендигин далилдейт.

Кыргызстан көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет болгондугуна байланыштуу, эл арасында диний сабырдуулук салттуу болуп калыптанган. Дин элдин биримдигин, сый-урмат мамилени жана ынтымакты сактоодо маанилүү ролду ойнойт.

Кыргыз жараны – улутуна, динине, социалдык абалына карабастан Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укук жана милдеттерге ээ Кыргыз Республикасынын жараны.

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Мамлекет менен диндин өз ара мамилеси кандайча түзүлгөн?
2. Теократиялык мамлекеттин өзгөчөлүгү эмнеде?
3. Мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган (светтик) мамлекет дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Мамлекет жана диний уюмдар кандай чөйрөлөрдө кызматташа алат?
5. Дин коомдо жана мамлекетте кандай роль ойнойт?

# § 14. Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты

Кыргызстанда дин тутунууга болгон укук кандай?

## Кыргызстандагы постсоветтик диний абал

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги берилип, динге ишенүү, кызыгуу жандандырылды. Жарандар өз дүйнө таанымын дин жаатында да өзүн-өзү эркин аныктоого жана жайылтууга мүмкүнчүлүк алышты. Дин дагы эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарында коомду адеп-ахлакка тарбиялоодо оң таасирин тийгизди. Дин Кыргызстан элинин маданиятынын салттуу негиздерин, коом менен инсандын адеп-ахлактык баалуулуктарын бекемдеп, ар кандай оор турмуштук кырдаалдарга дуушар болгон жарандарга ал абалдан чыгууга жардам көрсөттү. Диний лидерлер жарандарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, тынчтыкка, биримдикке, ынтымакка чакыруу иштерин жүргүзө башташты.

Ошондой эле диний уюмдар кайрымдуулук ишин жүргүзүп, социалдык өнүгүүгө өз салымын кошуп, мамлекет диний уюмдардын жакшы, жаратман, гуманисттик мүнөздөгү ишине колдоо көрсөтө баштады.

Совет мезгилиндеги динге жана диний ишмердүүлүккө болгон чектөөлөр алынып салынды. Диний уюмдардын, диний окуу жайлардын жана диний объекттердин (мечит, чиркөө ж. б.) саны өстү.

Мисалы, 1990-жылы Советтер Союзунун ыдыроо мезгилинде Кыргызстанда 39 мечит иштеген. Азыркы учурда өлкө аймагында 3442 диний уюм өз ишмердүүлүгүн расмий

жүргүзүп келүүдө. Анын ичинен 3000 – Ислам багытындагы уюм, 428 – Христиан багытындагы уюм, 1 – Еврей жамааты, 1 – Буддисттик, 12 – Бахаи жамааты. Андан тышкары 2736 мечит, 119 медресе каттоодон өткөн.

Жаңы диний чөйрөдөгү өзгөрүүлөр аркылуу диний уюмдардын жана конфессиялардын көп түрлөрү пайда болду. Аталган процесстердин өнүгүүсү мамлекеттин диний чөйрөдөгү жөнгө салуучулук саясатын түзүүгө алып келди.

Кыргызстанда диний ишмердүүлүктү жөнгө салуучу биринчи мыйзам 1991-жылы кабыл алынып, 1996-жылы атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган түзүлгөн.

Дин чөйрөдөгү мамлекеттик саясат улуттук мыйзамдарга, эл аралык келишимдерге, стандарттарга негизделет. Ошону менен бирге стратегиялык программа, концепциялардан да турат.

Мисалы, 2021–2026-жылдарга карата кабыл алынган Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы бар. Концепцияда мамлекеттик саясаттын чаралары диний чөйрөдөгү өнүгүүгө, өз ара аракеттенүүгө жана тынчтык курууга багытталган. Мамлекет мыйзамдын үстөмдүгүн, диний чөйрөнү жөнгө салуучу мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын максаты светтик принципти, абийир жана дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу, мамлекеттик-конфессионалдык кызматташууну өнүктүрүү жана диний бирикмелердин ишин жөнгө салуу механизмдерин өркүндөтүү болуп эсептелет.

## Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын негиздери

Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын негиздери Кыргызстандын Конституциясында так жазылган. Баш мыйзамдын 1-беренесине ылайык **«Кыргыз Республикасы – эгемендүү,**



**демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет»**. Конституциянын 9-беренесинде дин аралашпаган принцип төмөндөгүдөй аныкталат: **«Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес».** Аталган берененин 2-пунктунда **«Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган»,** ал эми 3-пунктунда **«Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат»** деп жазылган.

Ошол эле учурда Конституциянын 34-беренесине ылайык **«ар бир жарандын абийирине жана дин тутуу эркиндигине кепилдик берилет»**. Ар бир жаран диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу жана эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес.

Конституция мамлекетти диний негизде саясий партияларды түзүүгө жана конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, ошондой эле диний касташууну тутандырууга, социалдык үстөмдүүлүккө жана дискриминацияга багытталган иштерге тыюу салат.

Дин тутуу эркиндиги жана мамлекеттин диний уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында тереңирээк жазылган. Мыйзамдын 4/1-беренесине ылайык ар кимге дин тутуу жана дин тутпоо эркиндиги берилет. Мыйзамда белгиленген дин тутуу эркиндиги – мыйзам менен тыюу салынбаган, дин тутууга, тандоого, айтууга, диний ырым-жырымдарга



жана аземдерге катышууга болгон адам укугу.

Жогоруда белгиленген мыйзам диний уюмдардын ишмердүүлүгүн, диний таалим-тарбияны, Кудайга табынууну, дин адистерин жана дин кызматкерлерин окутууну, диний адабиятты басып чыгарууну жана жайылтууну жөнгө салат.

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Кыргызстандын жарандарынын басымдуу бөлүгү эки негизги конфессия менен көрсөтүлгөн. Алар кайсылар?
2. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына түшүндүрмө бергиле.
3. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында диний кызматкерлерге кандай иш-аракеттерди жүргүзүүгө тыюу салынган?
4. Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын негиздерин атап бергиле.

# § 15. Радикализм, экстремисттик жана террористтик уюмдар

? Коомго коркунуч туудурган радикалдуу диний идеологияларга каршы туруунун жолдору барбы?

**Түйүндүү түшүнүктөр:** ***радикализм, экстремизм, терроризм***

## Экстремизм, терроризм жана радикалдашуу түшүнүктөрү

Экстремизм жана радикализм – бүгүнкү күндө Кыргызстандын эле эмес, бүткүл дүйнөнүн актуалдуу маселелеринин бири. Экстремизмди дин менен жакындаштырбастан көздөгөн максатка жетүү үчүн рухий жана маданий түзүмдөрү экстремизмдин зордук-зомбулукту актоочу идеологиялык куралга айланып кеткен радикалдуу түрлөрүнө каршы аракеттенүүсү зарыл. Экстремизм маселеси көптөгөн окумуштуулар, эксперттер, диний ойчулдар тарабынан изилденип жатат. Туура эмес идеологиядагы агымдар тарыхый жактан салттуу диний укуктук мектепти, учурдагы акыйкатты жана жергиликтүү шарттарды, анын ичинде улуттук салттарды жана мамлекеттүүлүктү жактоону эске алуу зарылчылыгын толугу менен же жарым-жартылай танат. Алардын иши – идеологиялык белгилер боюнча мусулман коомун бөлүп-жарууга, радикалдашууга жана террористтик уюмдарга азгыруу.

***Радикализм*** – кандайдыр бир көз караштарга, концепцияларга өтө ашкере берилүү. Радикал – ашкере көз караштарды карманган адам. Адамдын *радикалдашуусун* бир

пикирге берилип алып, башка пикирлерди кабыл албоосунан жана башкалар менен компромисске барууну каалабагандыгынан байкоого болот. Ал эми диний радикал деп кандайдыр бир диний партияларга, уюмдарга же жамааттарга кирип кетип, ошолордун гана идеологиясын бекем карманып алып, башкалардыкын четке каккан адамды айтабыз. Диний радикал өзү ошол идеологиянын маңызын түшүнбөй, анын туура же ката экендигин баамдабай туруп бирөөлөрдү ээрчийт.




***Экстремизм*** түшүнүгү латын тилинен которгондо («extremus») «ашкере», «чектен чыккан» дегенди билдирет. Экстремист – маселелерди тынчтык жолу менен чечүүнү каалабаган, өтө ашкере көз караштарды, аракет ыкмаларды жактаган адам. Экстремизмдин өзгөчөлүгү өз максаттарына жетүү үчүн мүмкүн болгон мыйзамдуу жолду пайдаланбастан, күч колдонуу аракеттерин тандап алып, аны жайылткандыгында турат.

**Экстремизмде кездешкен айрым белгилер:**

- Диний көз караштарда жана аракеттерде чектен чыгуу;
- Башка диний идеяларды же диний көз караштардын системасын жокко чыгаруу жана таанытбоо;
- Диний радикалдуу булактарды, ыкмаларды, методдорду жактоо;
- Диний кастыкты, жек көрүүчүлүктү козутууга байланышкан аракеттер.

***Терроризм*** – системалык түрдө террорду (лат. terror – коркутуу, үрөй учуруу) колдонуу саясаты. Анын негизги маңызы «күч колдонуу», «коркутуу», «зомбулук», «жүрөк

заада кылуу» жана «үрөй учуруу» болуп саналат. Ошондуктан террористтик актылар дайыма күч колдонуу, адамдарды өлтүрүү жана жардыруу менен коштолот. «Радикализм», «экстремизм» жана «терроризм» деген бир



багыттагы түшүнүктөр, демократия, мыйзамдуулук, адам эркиндиги, ар түрдүү дин тутууларга сабырдуулук жана бирдиктүү сый мамиле кылуу деген сыяктуу мамлекеттин базалык демократиялык баалуулуктарына терс мамиле кылуу дегенди туюндурат.

**Жаштардын экстремисттерге азгырылуусу жана анын алдын алуу маселеси.** Жаштар көз карашы менен өзгөчөлөнгөн социалдык топ болгондугуна байланыштуу экстремисттердин таасири үчүн кыйла ыңгайлуу болуп саналат. Алар үй-бүлөсүнөн жана досторунан колдоо таппаганда көйгөйлөрүн диний уюмдардын жардамы менен чечүүгө аракеттенишет. Жаштарга көңүл буруунун жетишсиздиги, алардын социалдык жактан корголбогондугу радикалдардын көңүлүн өзүнө буруп, эркек балдардын эле эмес, кыздардын дагы экстремисттик топтордун катарына тартылуусуна түрткү берет.

Кыргыз Республикасынын аймагында экстремисттик ишмердүүлүктүн алдын алуу максатында учурдагы иштеп жаткан мыйзамдардын алкагында экстремизмдин алдын алуу маселеси боюнча мамлекеттин чаралары чагылдырылган стратегиялык программалар иштелип чыккан. Экстремисттик ишмердүүлүктүн алдын алуучу негизги мыйзам катары Кыргыз Республикасынын Конституциясы эсептелет. Конституциянын негизинде:

– Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы;

– «Экстремисттик иш-аракеттерге каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган.

**Бул мыйзамда төмөнкүлөр белгиленген:**

1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүүгө жана бүтүндүгүн бузууга;

- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;

- бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга;

- мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрдү түзүүгө;

- террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;

- расалык, улуттук же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;

- улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;

- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук жүйөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого, уурдап, талап-тоноого;

- динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемчилдигин.

2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу

деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;

2.1. Экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого;

4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүүгө, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүүгө.

## Экстремисттик уюм

***Экстремисттик уюмдар*** – иши бийликти зордук-зомбулук менен басып алууга же бийликти зордук-зомбулук менен кармап турууга, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн күчкө салып өзгөртүүгө багытталып, аларга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча экстремисттик ишти жүргүзгөндүгүнө байланыштуу ишин жоюу же тыюу салуу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген коомдук бирикмелер же уюмдар.

Кыргыз Республикасынын аймагында деструктивдик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

Дин адамзатка тынчтыкты, бейпилчиликти, эки дүйнө бактылуулугун берүүнү көздөйт. Азыркы учурда дин адамзаттын көйгөйүнө айланган экстремизм, терроризм жана радикализмге каршы күрөшөт. Динде өз жанын кыюу Жараткандын алдында эң чоң күнөө болуп саналат. Эч кимдин

адам өлтүрүүгө укугу жок. Ал тургай согуш майданында да күнөөсүз адамдарга зыян келтирүүгө болбойт. Андыктан ар бир адам өзүнүн айланасындагы адамдарга диндин туура эрежелерин түшүндүрүшү керек. Кыргыз элинин руханий, маданий баалуулуктарын жана каада-салттарын бекемдөө, дин аралашпаган, социалдык жана укуктук мамлекетти куруу жолунан тайбай өнүгүү коомубуздун эң башкы максаты болушу керек.

### Билимиңерди бекемдегиле:

1. Экстремизм, терроризм деген эмне?
2. Деструктивдик, экстремисттик жана террористтик уюмдар дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Экстремисттик уюмдарга азгырылуунун кантип алдын алууга болот?
4. Мыйзам боюнча кандай иш-аракеттер экстремисттик иш-аракеттер болуп саналат?

# § 16. Конфессиялар аралык ынтымак жана толеранттуулук

Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет. Ар түрдүү ишенимдери бар коомду кантип тынчтыкта, ынтымакта кармап туруу керек?

**Түйүндүү түшүнүк:** ***толеранттуулук***

## Толеранттуулук

Конфессия латын тилиндеги «confiteri» сөзүнөн келип чыккан. Кыргызча которгондо «кабыл алуу», «таануу», «моюнга алуу» деген маанилерди билдирет. Азыркы күндө англис тилинде кеңири колдонулуп жүргөн «confession» (конфешэн) сөзүнүн кирилл тамгаларына ылайыкташтырылган варианты. Жалпы мааниде динди, ал эми тар мааниде бир диндин ичиндеги ишеним системасын, диний окууларды жана мектептерди туюнтат.

Толеранттуулук (лат. tolerantia – «чыдамдуулук», «көтөрүмдүүлүк») – кандайдыр бир нерсеге, анын ичинен башкалардын оюна, диний ишенимине чыдамкайлуулук, сабырдуулук көрсөтүү. Ким кандай ой-пикирде, кандай позицияда же көрүнүштө болбосун ага сый мамиле кылуу. Коомчулукта бардык адамдар бир ой-пикирде болбошу мүмкүн, бирок баарыбыз бири-бирибизди сыйлашыбыз керек. Дүйнөдөгү элдин дини ар башка (ар түрдүү) болсо да, алар менен өз ара ынтымакташып жашоо зарыл. Ар бир диндин өзүнүн өзгөчөлүгү болгондуктан, ар бир жаран кайсы дин болбосун ал динге душмандык кылбай, тескерисинче, сыйлоо менен мамиле кылса туура болот. Бирок ошол эле учурда динди сыйлоо – башка динге өтүп кетүү деген-

дик эмес. Өзүнүн динин тутунуп, мен силердин диниңерге жакынмын же мен силердин диниңерди урматтайм дебейт. Болгону сый мамиле кылат, душмандык көз караш менен карабайт. Толеранттуу мамиле кылса, коомдо бейпилдиктин пайдубалы түптөлө баштайт. Анын чыныгы мааниси мына ушунда.

Кыргызстандын аймагында кылымдар бою түрдүү ынанымдар жашап келген. Бирок тарыхта бул диндердин арасында диний өңүттөгү катуу жаңжал же согуш катталган эмес. Анткени биздин ата-бабалар дин жаатында да акылмандык менен тең салмактуулукту сактап келишкен.

Тарыхта Кыргызстандын аймагында Караханиддер доорунда (X кылым) түрк тилдүү көчмөн элдер өз каалоосу менен Ислам динин кабыл алышкан. Мусулманчылыкты биринчилерден болуп Сатуг Буура кабыл алган. Кагандын уулу Муса Байташ мамлекеттин расмий динин Ислам деп жарыялаган.

Ата-бабаларыбыз көп кылым мурда Ислам динин тандап алышса да, башка диндерге, ишенимдерге айкөлдүк менен мамиле кылуунун жолун билишкен. Бул түшүнүктүн азыркы жашообуздагы орду зор. Мисалы, биздин айылда, шаарда же мектепте ар кандай диндеги досторубуз болушу мүмкүн. Биз аны эң оболу адам болгону үчүн сыйлайбыз жана аны менен достошобуз. Анын же анын үй-бүлөсүнүн карманган динине сый мамиле кылабыз. Биз жашаган жердин калкынын көпчүлүгү мусулман болушу мүмкүн, бирок чыныгы мусулман башка диндеги жердештерине зыян келтирбеген, дили таза адам болуп саналат.

«Манас» эпосунда мындай саптар кездешет:

*«Калмак, кытай, тарса, жөөт,*
*Карап турган канча көп,*
*Өз дининче окунуп,*
*Күн чыгышка бет алып,*
*Көкө Теңир колдо деп,*
*Батасын кылды чокунуп»*.

Бул саптарда «тарса» деп Христиан динин тутунгандарды, «жөөт» деп Иудаизм динин кармангандарды, ал эми «калмак-кытай» деп Буддизм дининдегилерди айтууда. Башкача айтканда, ар түрдүү диндин өкүлдөрү бир окуяда бириккенин көрүүгө болот.

## Динде мажбурлоо жок

Ыйык китептерде адамды динге мажбурлап киргизүүгө, динди кимдир бирөөгө таңуулоого болбойт деп айтылат. Мисалы, Куранда мындай деп жазылган: «Динде (Исламда) мажбурлоо жок». Кайсы динди тутуу же тутпоо – адамдын өз эрки, аны мажбурлаганга эч кимдин акысы жок. Ошол эле учурда «Сен эмнеге ушул динди тутунуудасың?» – деп башка бирөөнү жемелегенге да укуксуз. Ар бир адам өз каалосу жана өз эрки менен каалаган динин тандайт. Бул айтылгандарга ылайык Ислам材 диниnde кыйноо, коркутуп-үркүтүү менен динге киргизбейт. Исламда адамга анын социалдык абалына, терисинин түсүнө, улутуна жана динине карабастан урматтоо менен мамиле жасоо даңазаланат.

Башка диндерде да ошондой. Мисалы, Христиан жана Иудаизм динин алып карасак, ал диндерде да ушул пикирдин уңгусу жатканын көрөбүз. Диндин маңызын туура түшүнбөгөн фанаттар өз динин коомчулукка жаман көргөзүп келүүдө. Биздин диндин өкүлү болбосоң, сени кыйнайбыз деген коркутуу диндин өзөгүнө каршы келет. Кыйнап динге киргизүү – жапайычылык. Динди чын жүрөктөн кабыл албаган киши эки жүздүүлүк кылып, эч нерсени жарытпайт, коомго да пайдасы тийбейт. Анткени эки жүздүүлүк – адамдын эң жаман сапаты. Муну бардык диндер туура деп эсептебейт. Кылыч менен элди багынтып, кыйнап динге киргизген деген кеп-сөздөр да илимий тыянакка таянбайт.

Бардык заманда коом өзү өлчөп-калчап баа берип, анан кайсы динде болуу же болбоо керек экендигин аныктап келген.

## Диндердин (адамзаттын) орток баалуулуктары

Адам баласы ар дайым кайсы бир күчкө, кудуретке ишенүүнү, таянууну каалайт. Өзүнөн башка улуу кудуреттин бар экендигин сезет. Тарых боюнча адамдардын басымдуу көпчүлүгү кайсы бир нерсеге, улуу күчкө ишенип келе жатат. Ошол ишенимине жараша ар түрдүү өзгөчөлөнгөн баалуулуктар пайда болгон. Ар кайсы диндин өкүлдөрүнүн өзгөчө баалуулуктары болсо да, жалпысынан динден алынган (булагы дин болгон) жалпыга тиешелүү орток баалуулуктар бар. Адамдын өмүрүнө кол салбоо, жаман айтпоо, уурулук кылбоо, арам тамак жебөө, күнөө иштерден оолак болуу, жакшылык-сооп иштерди аткаруу, ата-энени кадырлоо, Ата Мекенге кызмат кылуу деген түшүнүктөр ар бир динде бар жана кайсы динде болбосун адамдар муну жакшы деп билишет жана таанышат.

## Башка ынанымдардын баалуулуктарын сыйлоо

Диндер, ынанымдар ар түрдүү экенин түшүнүп алдык. Адамдар ишенген динине, ынанымына жараша эрежелерге баш ийишет. Мусулмандар мечитте, христиандар чиркөөдө Кудайга сыйынышат. Ар кайсы диндин өзүнүн ибадатканалары, сыйына турган жайлары, имараттары бар. Алардын ичине атайын кызматкердин коштоосунда кирип көрүп, таанышып чыгууга болот. Окуган китептери, сыйынган учурлары же кийген кийимдери да бири-биринен өзгөчөлөнүп калышы толук мүмкүн. Алардын сырткы көрүнүшүн карап жерип же туура эмес мамиле кылуу орунсуз болот. Мисалы: мусулмандар орозо кармашса, башка диндегилер аларды сыйлап жей турган нерсе сунуштабаганы оң. Христиан дининдеги адам мойнуна крест таккан болсо же чиркөөгө баратса, аны жеткирип коюу адамгерчилик болот. Жоолук салынган аялга автобуста орун берүү же кайсы бир

диндеги адамды дарылоо, же коомдук жайларда сый-урмат менен тейлөө кызматын көрсөтүү да жакшы иш жана адамгерчиликтүүлүк болуп саналат. Ошондон улам даанышмандардан «Аалым болбо, адам бол!» деген сөз калган.

Бул жаатта кээ бир адамдар үчүн кайсы бир динди тутунуу маанилүү болушу мүмкүн, бирок ошол диндин мыкты өкүлү болуудан мурда адамгерчиликтүү болуу маанилүү. Адамгерчиликтүү боло албаган, башкаларды урматтап, алардын пикирин, укугун сыйлай албаган адам өзү тутунган диндин да татыктуу өкүлү болуп жарытпайт. Андай адепсиз, түшүнүгү пас адам өз динине зыян гана алып келет. Адамгерчиликтүү болуу – адамдын улуу сапаттарынын бири.

## Жакшы иштерде биргелешүү. «Ырыс алды – ынтымак»

Бул жашоодо адамдардын өзгөчө орду бар. Алар бардык жандыктардан акылы менен айырмаланып турушат. Түрдүү диндеги адамдар соопчулук иштеринде элге, адамзатка пайдасы тие турган иштерди биргеликте жасашса, баарына пайдалуу болот. Мисалы, электр энергиясынын пайдасы бүткүл адамзатка тийип келе жатат. Аны адам баласы ойлоп тапты. Аны ойлоп тапкан Томас Эдисондун ынанымы кандай болгонуна карабай, анын эмгегинен баарыбыз пайдаланып жатабыз. Ошол эле учурда Эдисон электр жарыгын ойлоп табууда көптөгөн математик, физиктердин (алардын арасында жөөт, грек, мусулман ж.б. бар) эмгегинен пайдаланды. Башкача айтканда, жакшы иште биргелешүү болду. Мындай өрнөктөр жашообузда толтура. Эгер биз бул принципти туура түшүнсөк, аны кадыресе муктаждык катары көрсөк, мындан да жемиштүү иш алып барып, келечегибиз жарык болору анык.

Кайсы динде болсо да жакшы иштерди кылууда бирибирибиз менен жарышсак сонун болот. Бул «сен кыйын,

мен кыйын» деп эрегишүү дегендик эмес. Дин коомду артка тартпайт, ал дайыма адамдын кам көрүлүүсү үчүн эмне керек болсо, ошону көздөйт, анын ички жана сырткы дүйнөсүн байытууну, иретке салууну максат кылат. Жер жүзүндө табиятты коргоодо, илим-технологиянын өнүгүшүндө кайсы динде болсок да ынтымакта иштесек болот жана Кудай берекесин ынтымакташкан адамдарга берерин унутпашыбыз керек. Илгертеден ата-бабаларыбыз айткандай, «Ырыс алды – ынтымак» деген макал ар дайым күчүн жоготпойт.

Диндер аралык чыр-чатак болбошу үчүн адамдар бири-бирин жакындан таануусу жана өз ара түшүнүүсү өтө маанилүү. Бул айтканыбызды төмөнкү икаядан даана көрүүгө болот.

**Накыл кеп:**

**Мевлана Жалауддин Румиден накыл кеп.**

Бир күнү төрт киши жолго чыгыптыр. Алар түрк, фарс, араб жана грек улутунан болчу. Жолдон акча таап алышат. Колдоруна акча тиери менен аны кантип коротууну сүйлөшө башташат. Акыры бул талашка айланат. Фарс айтат:

– Бул акчага ангур сатып алалы.

Араб минтет:

– Ангур эмес, инаб сатып алганыбыз жакшы!

Түрк айтат:

– Эмнени айтып жатасыңар? Бизге ангурдун да, инабдын да кереги жок. Бул акчага йүзүм эле сатып алалы!

Грек макул болбойт:

– Жок, акчаны стафилге коротолу!

Ар кимиси өз чындыгын бербей чырдашып отуруп, мушташа кетишет. Буларды көргөн көп тил билген бир даанышман жүзүм сатып алып келип берет. Көрсө, баарынын каалоосу бир эле нерсе экен: төртөө талашкан «ангур», «эйнаб», «йүзүм», «стафил» дегени «жүзүм» деген эле сөз экен.

## Билимиңерди бекемдегиле:

1. Толеранттуулукту кандай түшүнөсүңөр?
2. Кандай адамды толеранттуу деп атайбыз?
3. Толеранттуулуктун диндердеги орду кандай?
4. Адамгерчиликтүүлүктүн дин тутуудагы ордун кандай түшүнөсүңөр?
5. Диндер аралык диалогду куруу боюнча кандай сунуштарыңар бар?
6. Адамзаттын орток баалуулуктарын санап бергиле.

## СӨЗДҮК

***Адеп-ахлак*** – жакшы жана жаман сапаттарды чагылдырган баалуулуктар тутуму жана адамды башкалардан айырмалап турган сапаттардын жыйындысы. Адеп-ахлак – кулк-мүнөз жана ички абал, алар түшүнүк жана инстинкт менен кабыл алынат. Адеп-ахлак – коомдогу жеке адамга же адамдардын тобуна сиңген жетектөөчү үлгүлөрдүн жыйындысы. Ахлак жакшы жана жаман болуп экиге бөлүнөт. Жакшы ахлактарга чын сүйлөө, адилеттүүлүк, Мекенди сүйүү сыяктуу жакшы сапаттар кирет. Жаман ахлактарга жалган сүйлөө, адилетсиздик, чыккынчылык сыяктуу жаман сапаттар кирет.

***Аклий*** **–** акылга таянган.

***Акыйда*** – Ислам динindеги ишеним системасы. Кудайдын жалгыздыгын таанып-билүү жөнүндөгү илим. Өткөн жана жашап жаткан агымдардын ишенимдери боюнча жалпы маалымат берет. Ислам багытындагы түрдүү ишенимдерди изилдөө менен бирге алардын тарыхын, далилдерин же кандайдыр бир догмаларын Исламдын принциптеринин негизинде баалап, мусулмандардын ишенимине шек келтирген мүнөздөгү көз караштарды талкуулайт.

***Ансар*** **–** араб тилинен которгондо жардам берүүчүлөр дегенди билдирет. Мединалык сахабалар Меккеден Мединага жер которуп келген сахабаларга үйлөрүнөн орун берип, тамак-ашын бөлүшүп, турмуш-тиричилигин кол кабыш кылып, жардам көрсөтүшкөн.

***Аскетизм*** **–** жашоонун ырахатын четке кагуу аркылуу катаал жашоо образы.

***Асхабы Суффа*** *(Суффа ээлери)* – Мухаммед пайгамбардан таалим-тарбия алып, насаат сөздөрүн жаттап калуу үчүн анын жанынан чыкпай Медина мечитинин айласында жашаган пайгамбардын сахабалары.

***Дин*** – илимде табынуунун предмети болгон табияттан тышкаркы кереметтүү күчтөргө ишенүүгө негизделген идеялардын жыйындысы, коомдук аң-сезимдин формаларынын бири. Өзүнүн ишеним системасы болгон жана бул ишеним системасынын негизинде жашоо эрежелерин жана жөрөлгөлөрдү түшүндүргөн түшүнүк. Дин – адамдардын өз ара Кудай жана жаратылыш менен болгон байланыштарын жөнгө сала турган эрежелердин жыйындысы. Дин – Кудайга ишенүүгө негизделген көз караштар менен кыймыл-аракеттерди камтыган рухий дүйнө тааным.

***Диндин булагы*** **–** бардыгы үчүн милдеттүү болгон Кудай тарабынан бекитилген укук менен милдеттин мазмунун чагылдырган сөз айкашынын формасы. Мисалы, бардык ыйык китептер (Забур, Таурат, Инжил жана Куран) диндин негизги булагы болуп эсептелет.

**Диний сабырдуулук –** башка ишенимдин өкүлдөрүнө, түрдүү көз караштагы адамдардын дүйнө таанымына, жашоо образына, маданиятына болгон сабырдуу мамиле.

***Диний уюмдар*** **–** белгилүү бир диний топ тарабынан ыктыярдуу түрдө биргелешип сыйынуу жана диний окууну жайылтуу максатында түзүлгөн коомдук бирикмелер.

***Дхарма*** – (санскрит) арий тилинен алынып, которгондо «тутуу», «колдоо», «бекемдөө» жана «мыйзам» же «чындык» дегенди түшүндүрөт. Бул термин катары белгилүү бир жашоодо эмне кылуу керек экенин билдирет.

***Ибадат*** **–** Жаратканга сыйынуу. Кудай тарабынан көрсөтүлгөн тариздe диний жөрөлгөлөрдү аткаруу. Ибадат – Кудай жактырып, ыраазы болгон пенделер тарабынан аткарылган сөздөр менен кыймыл-аракеттердин жыйындысы.

***Ижма*** **–** Ыйык Куран менен сүннөттө белгиленбеген кандайдыр бир укуктук маселе боюнча пайгамбардын сахабаларынын же кийинки муундардын аалымдарынын бир-

диктүү пикири «ижма» деп аталып, Ислам дининин үчүнчү негизги булагы катары таанылат.

***Инжил*** – *(грек сөзү, мааниси: жакшы кабар, сүйүнчү).* Христиан growth

***Инкарнация*** – Буддизмдеги адамдын жан дүйнөсүн жаңы денеде чагылдыруу.

***Интерпретация*** – латын тилинен которгондо чечмелөө, түшүндүрүү деген мааниде.

***Истихсан*** – ыңгайлуулукка, жеңилдикке артыкчылык берүү концепциясы. Укуктук-практикалык норманы иштеп чыгууда колдонулган аргументке артыкчылык берүү. Мисалы, жалпы мааниге ээ болгон хадиске караганда белгилүү бир мааниге ээ болгон хадиске артыкчылык берүү. Ханафий мазхабында кеңири колдонулуп, белгилүү шартта ылайыктуураак болгон, кыяс ыкмасы менен алынган укуктук-ченемдерге артыкчылык берилет.

***Ишеним*** – Кудайга ишенүү. Фактылык же логикалык негиздемеге карабастан, Жаратканды бар деп таануу. Ишеним – Кудай өз элчиси аркылуу пенделерине жиберген диний эрежелерди чын дилден кабыл алып, ишенүү.

***Кааба*** – арабчадан которгондо «куб» деген мааниге ээ болгон сөз. Мекке шаарындагы мусулмандар зыярат кылчу ыйык мечитин короосунда жайгашкан имарат.

***Калам илими*** – акыйда илиминин тармагы катары, теориялык-философиялык аспекттерди изилдеген илим.

***Келме*** – арабчадан сөз дегенди туюндурат. Улуу муундагы адамдар кыйын кезеңдерде келме келтир дешкен.

***Концепция*** – адамдын ой жүгүртүүсүнүн негизи, башкача айтканда, тажрыйбаны түшүнүүгө, классификациялоого жана башкаларга жеткирүүгө мүмкүндүк берген акыл-ой проекциясы.

***Кыяс*** – аналогияга карата ой жүгүртүү Ислам дининин төртүнчү негизги булагы болуп эсептелет. Анткени ал коомдо өсүп жаткан талаптарга жооп берет. Бирок аналогияга карата ой жүгүртүү өтө катуу, логикалык, системалык принциптерге таянат жана бул фантазия же жөнөкөй адамдын ой жүгүртүүсү эмес.

***Мавераннахр*** *(Маварауннахр)* – «дарыянын ары жагы» дегенди билдирет, Жайхундун ары жагындагы (араб булактарында) аймактардын VII-VIII кылымдардагы арабча эски аталышы. Алгач Жайхундун (азыркы Аму-Дарыянын) оң жээгиндеги (араб булактарында дарыянын аркы тарабы) чексиз аймактар кирген. Жылдар өтүп, Мавераннахрга Жайхун менен Сайхун (азыркы Сыр-Дарыя) дарыяларынын ортосундагы аймак кошулган. Дал Мавераннахрда ошол мезгилдеги Ислам дүйнөсүнүн эң маанилүү шаарлары, ошондой эле маданияты жана цивилизациясы жогору болгон Фергана, Бухара, Самарканд, Шаш жана башка шаарлар жайгашкан. Кийинчерээк Мавераннахрдын аймагы кеңейип, азыркы Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан өлкөлөрүнүн аймактары кирген.

***Мазхаб*** – Мусулмандардын күнүмдүк практикалык мамилелери үчүн иштелип чыккан, дин тутуучулар тарабынан шарият эрежелери катары кабыл алынган диний-укуктук мектеп. Аны аалымдар Ыйык Курандан жана Сүннөттөн алып иштеп чыгышкан.

***Мамлекет*** – укук теориясында коомду уюштуруунун белгилүү ыкмасы, бардык коомго таралуучу, анын расмий өкүлү катары чыгуучу жана аргасыз кылуу каражаттары менен чараларына таянган саясий тутумдун, жалпы саясий бийликти уюштуруунун негизги катышы.

***Матуридий калам мектеби*** – имам Аазам – Абу Ханифадан берилген акыйда илимин системалык абалга келтирген Матуридий калам (акыйда) мектеби.

***Матуридий ишеними*** – Ислам дининин ишеним негиздерин окутуучу мектеп.

***Махаяна*** – Буддизмдеги негизги эки окуунун экинчиси жана Буддизмдин чоң жолу. Махаяна – боорукердик жана сүйүү жөнүндөгү окуу, ал Күнгө окшоп бардыгына тегиз тийиши керек. Махаяна принциби – өзү үчүн эмес, башкалардын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү.

***Медитация*** – ойду бир жерге топтоонун, ой жүгүртүүнүн өзгөчө абалы. Хинаянада медитациянын жети түрү айырмаланып турат, алардын ичинен эң натыйжалуусу «таза ой топтоо» же «алаксыбоого умтулуу» деп эсептелет. Медитациянын объекти бул жерде дхармдын (аң-сезим агымынын бөлүкчөсүнүн) «тынчтануусу», башкача айтканда, Нирвана.

***Мухажир*** – араб тилинен которгондо жер которуучу дегенди билдирет. Меккеден Мединага жер которуп келген сахабалар.

***Накл*** – жазуу түрүндөгү булак, текст.

***Намаз*** – Ислам degininde ар бир мусулман милдеттүү түрдө аткаруучу ибадаттын түрү. Мусулмандар бир күндө беш маал намаз окуп, Кудайга сыйынышат.

***Нирвана*** – буддисттердин мистикалык окуусунда жашоонун түйшүгүнөн жана каалоолорунан кутулуу деп түшүнүлгөн тынчтануу абалы. Нирвана – ар кандай каалоолордон, түрдүү байлануулардан, азаптан жана башка жагымсыз абалдардан бошонуу.

***Орозо*** – Ислам дининде ар бир мусулман милдеттүү түрдө аткаруучу ибадаттын түрү. Мусулмандар жыл сайын Рамазан айында бир ай бою орозо кармашат. Орозодо таң аткандан күн батканга чейин эч нерсе жешпейт.

***Пайгамбар*** – кыргызчага фарсы тилинен кирген, лексикалык жактан «жол башчы, кабарчы, элчи» деген мааңи-

лерди билдирет. Динде болсо Жаратуучунун пенделердин арасынан талдап алган жана буйруктарын башкаларга жеткирүүгө милдеттендирген элчиси.

***Периште*** – «кабарчы, элчи» деген мааниге ээ. Бирок диндеги мааниси: нурдан жараткан, эркек, ургаачысы болбогон жана Алла Таалага гана баш ийгенден эч тайбаган аруу жандар.

***Үчилтик*** – Үч Кудай түшүнүгү.

1. Ыйык Ата.
2. Ыйык Уул (Иса).
3. Ыйык Рух.

***Радикализм –*** латын тилинен которгондо «тамыр» дегенди туюндурат. Радикализм – иштеп жаткан системаны фанаттык менен аёосуз, түп-тамырынан өзгөртүү менен мүнөздөлөт. Радикал адам – ашкере фанат, мыкаачылыктан кайра тартпаган, кара мүртөз киши.

***Реинкарнация*** – рухтардын бир денеден экинчи бир денеге өтүшү.

***Сафа жана Марва –*** Ыйык Мекке шаарында жайгашкан тоонун аты. Харам мечитинде жайгашып, Умрага зыяратка барган мусулмандардын эки тоонун арасында жөө жүрүү жөрөлгөсүн орундаткан жер.

***Сахабалар –*** араб тилинен которгондо дос, жолдош дегенди туюндурат. Сахабалар – Мухаммед пайгамбардын замандаштары, пайгамбар тирүү кезинде аны менен жүз көрүшүп, мусулман болуп, анын жолун жолдоп, анын пайгамбарлык миссиясын укуктук жактан улантуучулар.

***Сакрамент*** – чиркөөдө аткарылуучу диний жөрөлгөлөр.

***Сүннөт –*** Ислам дининин экинчи негизги булагы. Сүннөт – Мухаммед пайгамбардын сөздөрүнүн, кыймыл-ара-

кеттеринин жыйындысы. Сүннөт шарият нормаларын иштеп чыгууда далил катары колдонулса, анда анын тактыгы жана аныктыгы сыяктуу негизги шарттар талап кылынат.

***Терроризм*** – латын тилинен которгондо коркутуу, үрөй учуруу дегенди туюндурат. Терроризм – коомго өзгөчө коркунуч жараткан жосун. Террорист – башкаларга карата күч колдонуп, зомбулук жасап, үрөй учурган массалык кыргынды уюштурган, ишке ашырган адам.

***Толеранттуулук*** – кимдир бирөөгө, башка топторго карата сабырдуу жана сый мамиле кылуу.

***Фикх*** – шарияттык далилдерден алынган практикалык диний-укуктук маселелер жөнүндөгү илим. Фикх – акыретке байланышкан маселелерди – ибадаттарды же тиричиликке байланышкан маселелерди – үй-бүлөлүк, коомдук мамилелерди жана кылмыш-жаза эрежелеринин доктриналык окууларын аныктайт. Жараткан бул дүйнөнүн мерчемдүү мезгилге чейин сакталып турушун каалап, тукум улоосу жана көбөйүүсү үчүн эркектер менен аялдарды жуптайт жана адам баласына коомдук жашоону тартуулайт.

***Ханафий мазхабы*** – Ислам шариятынын негиздерине таянуу менен мусулмандардын жашоосунда конкреттүү күнүмдүк практикалык диний укуктук маселелерди жөнгө салуу үчүн атайын диний нормаларды иштеп чыккан мектеп.

***Хинаяна*** – Буддизмдеги негизги эки окуунун алгачкысы жана Буддизмдин тар жолу. Хинаяна – өзүнө гана жардам берүү жөнүндөгү окуу. Хинаяна – адам өзү үчүн гана боштондукка чыгууну көздөгөн жол. Хинаяна принциби – акылды тынчтандыруу жана өзү менен гана алек болуу.

***Шарият*** – ишеним, ибадат, мамилелер жана адеп-ахлактык баалуулуктарды аныктоочу көрсөтмөлөрдүн жыйындысы.

***Ыйык Куран*** – Ислам дининин баштапкы, негизги булагы болуп эсептелет жана ал башка булактардын тууралыгына баа берүү үчүн колдонулат. Ушул принципиалдуу позицияга таянып, Ханафий мазхабы боюнча Ыйык Куранга карама-каршы келген бардык булактар туура эмес деп саналат.

***Экстремизм*** – латын тилинен которгондо экстремалдык, чектен чыккан дегенди билдирет. Экстремизм – экстремалдык жана радикалдык көз караштарга, иш-аракеттердин ыкмаларына берилгендик. Экстремист – маселелерди тынчтык жолу менен чечүүнү каалабаган, чектен чыккан ыкмаларды жактаган жана карманган адам.

***Эсхатология*** – акырет, ааламдын тагдыры жана анын сапаттуу жаңы абалга өтүшү жөнүндөгү диний көз караштардын жана кабылдоолордун системасы. Ошондой эле тигил же бул диний доктринанын ичиндеги көз караштардын жана кабылдоолордун тутумун изилдөөчү теология илиминин бир бөлүмү.

## Мазмуну

КИРИШҮҮ ........................................................................................ 5

**I бөлүм. Дүйнөлүк диндердин негиздери ........................ 7**
§1. Диндердин негиздери жөнүндө түшүнүк .................. 8
§ 2. Буддизмдин негиздери ........................................................ 15
§ 3. Христианчылыктын негиздери .................................... 23

**II бөлүм. Ислам дининин негиздери ................................ 31**
§ 4. Ислам дининин негиздери ............................................ 32
§ 5. Ишеним ............................................................................ 38
§ 6. Ибадат ............................................................................. 47
§ 7. Ахлак ............................................................................... 54
§ 8. Мухаммед пайгамбардын замандаштары: Сахабалар баяны ................................................................... 58

**III бөлүм. Кыргызстандагы Ханафий мазхабы жана Матуридий ишеними ............................................................ 65**
§ 9. Имам Аазам жана Ханафий мазхабы ........................ 66
§ 10. Ханафий мазхабынын өзгөчөлүктөрү ...................... 74
§ 11. Ханафий мазхабынын Кыргызстандын аймагына таралышы ..................................................................... 80
§ 12. Абу Мансур аль-Матуридий жана анын ишеним мектеби ........................................................................ 87

**IV бөлүм. Мамлекет жана дин ........................................... 93**
§ 13. Кыргыз Республикасында мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусу ............................................... 94
§ 14. Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты ................................................ 99
§ 15. Радикализм, экстремисттик жана террористтик уюмдар ...................................... 103
§ 16. Конфессиялар аралык ынтымак жана толеранттуулук ................................................................ 109

Сөздүк ............................................................................................ 116

*Окуу китеби*

Доталиев А. К., Исаева Г. К., Исмаилов Ш. А., Ибраев М. К.,
Кадырбердиев А. Н., Мырзаибраимов С. А., Иминов А. Ж.

**ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ**

*Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 9-классы үчүн окуу китеби*

Редактору *Керимова Ш.*
Корректору *Кийизбаева Ч.*
Тех. редактору *Төрөкулов К.*
Мукабанын дизайнери *Джолдубаев А.*
Компьютердик калыпка салган *Кадыров М.*

Басууга 2022-жылдын 1-сентябрында кол коюлду.
Офсеттик ыкма менен басылды. Офсеттик кагаз.
Форматы 60x90 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 8 накта басма табак.
Нускасы 72500 даана. Заказ № 40.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген
коомунун басма бөлүмүндө даярдалып, басмаканасында басылды.

720017, Бишкек шаары, Сүйүнбаев көчөсү, 144/23
Тел.: +996 312 43 20 75, 43 19 51

## Кымбаттуу окуучу!

Бул китеп келерки окуу жылында да колдонуларын эсиңе түйүп, китебиңди таза урун.

Бул баракчада класс жетекчиң китепти кандай урунганыңды жана кандай абалда өткөрүп бергениңди белгилейт. Андыктан китепке аяр мамиле жасап, башкаларга үлгү болууга аракеттен.

### Окуу китебинин пайдаланылышы тууралуу маалыматтар

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин абалы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Жыл башында | Жыл аягында |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |